# ШАЙЛООГО БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯ
**Кыргыз Республикасы – Парламенттик шайлоо, 28-ноябрь 2021-жыл**

## АЛДЫН АЛА ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА КОРУТУНДУЛАР БОЮНЧА БИЛДИРҮҮ

## АЛДЫН АЛА ЖЫЙЫНТЫКТАР

Ноябрь айынын 28индеги парламенттик шайлоо атаандаштык менен өттү, бирок парламенттин күчүн алсыраткан конституциялык өзгөртүүлөр, аны коштогон шайлоонун негизги аспектилерине киргизилген кеңири мыйзамдык өзгөртүүлөр, чектелген үгүт иштери жана жалпы шайлоочулардын ишениминин аздыгы шайлоого негиздүү катышууга тоскоол болду. Жаңы мыйзам демократиялык шайлоолор үчүн жетиштүү негизди түзгөнү менен, жарандык жана саясий укуктардын чектелиши, бийликти бөлүштүрүү жана сот бийлигинин көз карандысыздыгынын азайышы жалпы укуктук базаны начарлаткан. Үгүт иштери жүргүзүлгөн мезгилде негизги эркиндиктер жалпысынан сакталып, бийлик таза шайлоону камсыз кылууга саясий эркин көрсөттү, бирок андан кийинки чаралардын катуу аткарылышы талапкерлердин үгүт иштерин этияттык менен өткөрүүсүнө алып келди. Шайлоочулар саясий тандоолордун кеңири спектрине ээ болуп, шайлоонун техникалык аспектилери шайлоо администрациясы тарабынан натыйжалуу чечилген. Көпчүлүк ММКлар жарыштын катышуучуларынын ишмердүүлүгүн көп чагылдырышкан жок, бирок президент менен өкмөттүн күнүмдүк ишмердүүлүгү кеңири баяндалган, бул шайлоочулардын маалыматтуу тандоо мүмкүнчүлүгүнүн чектелишине алып келген. Добуш берүү күнү тынч өтүп, байкоого алынган шайлоо участкаларынын басымдуу көпчүлүгүндө добуш берүү жакшы уюштурулган, ага карабастан добуштарды саноодо жана жыйынтык чыгаруунун алгачкы этаптарында олуттуу процедуралык көйгөйлөр байкалган.

Жаңы Конституция 2021-жылдын май айында күчүнө кирип, парламенттеги мандаттардын санын 120дан 90го кыскарткан. Толук президенттик башкаруу системасына өтүү президент Жапаров тарабынан демилгеленген. Ал 2021-жылдын январь айында кызматка киришкенден баштап, учурдагы саясий чөйрөгө таасирин тийгизип, бийликтин тең салмактуулугун өзгөрткөн. Бул шайлоо 2015-жылы шайланып, мандаты 2020-жылдын октябрында аяктап, бирок 2021-жылдын июнуна чейин узартылган парламент тарабынан ишке ашырылган мыйзамдарды кеңири карап чыгуудан кийин өткөрүлгөн. Өкмөт бул чараларды реформалоо процессинин бөлүгү катары көрсөткөнү менен, көпчүлүк аларды 2020- жылдын октябрындагы шайлоодон жана аны коштогон олуттуу өзгөрүүлөрдү талап кылган коомдук протесттерден кийин башталган бийликти борбордоштуруу процессинин акыркы баскычы катары көрөт.

Шайлоонун мыйзамдык негизи шайлоо жарыялангaнга аз калганда кеңири өзгөртүүлөргө дуушар болуп, шайлоочулардын жана шайлоо комиссияларынын кызматкерленинин жаңы система жана процедуралар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн чектеген. ДИАУБ жана Венеция комиссиясынын мурунку рекомендациялары реформаларга киргизилбей, айрым учурларда түзөтүүлөр мурунку сунуштардан да алыстап кеткен. Мындан тышкары, мыйзамдарга өзгөртүүлөр демократиялык мыйзам чыгаруу принциптерине жатпаган тартипте жана мөөнөттө киргизилип, укуктук туруктуулук менен шайлоо процессине кызыкдар тараптардын ишенимин бузган. 2021-жылдын апрель айында кабыл алынган Конституция айрым жарандык жана саясий укуктарды негизсиз чектеп, ыйгарым укуктардын тең салмактуулугун өзгөртүп, президенттин судьяларды жана шайлоо органдарынын өкүлдөрүн дайындоодогу ролун чоңойткон.

Шайлоо аралаш шайлоо системасы боюнча өттү. Парламенттин 90 депутатынын 54ү ачык партиялык тизме аркылуу жалпы республикалык бирдиктүү шайлоо округунда шайланды. Бул мандаттар үчүн республика боюнча босого 5 пайызды, ал эми ар бир область менен 2 шаарда 0.5

пайызды түзөт. Саясий партиялар, алган добуштарынын санына карабастан, эң көп дегенде 27 мандатты ала алышат. Калган 36 депутат бир мандаттуу округдарда (БМО) мажоритардык система аркылуу шайланышты. Бул өзгөртүү плюрализмди илгерилетүү максатын көздөгөнү менен, бир партия ала алуучу парламенттик орундардын санынын чектелиши добуштардын тең салмактуулук принцибине жана шайлоочулардын эркин ой билдирүү укугуна шек келтирет. Мандаттардын 40 пайызы бир мандаттуу округдар боюнча шайланган аралаш системага өтүү, талапкерлердин 93 пайыздан ашыгы эркектер болушуна алып келип, аялдардын жалпы катышуусу менен өкүлчүлүгүнө терс таасирин тийгизди.

Кызыкдар тараптар жалпысынан Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук Комиссиясы (БШК) жетектеген үч баскычтуу шайлоо администрациясынын технкалык мүмкүнчүлүктөрүнө жана натыйжалуулугуна ишенээрин билдиришкен. Айрым тараптар БШК шайлоого байланыштуу мыйзам бузууларга каршы аракеттерге активдүүрөөк мамиле жасай баштагандыгын, бирок даттанууларды кароодо шайлоо мыйзамдарын чектөөчү, формалдаштырылган жана байкалаарлык этияттык менен чечмелөөнү колдонгондугун белгилешкен. Тилекке каршы, БШК менен АШКлардын отурумдары көп учурда кызыкдар тараптарга өз убагында жарыяланбай, БШК тарабынан кабыл алынган токтомдордун көпчүлүгү комитеттин веб-сайтында жарыяланган эмес, натыйжада ачык-айкындуулук төмөндөп, кызыкдар тараптарга жеткиликтүү маалымат чектелип калган.

БШК, жаңы түзүлгөн 36 Аймактык Шайлоо Комиссиялары (АШК) жана 2494 Участкалык Шайлоо Комиссиялары (УШК) шайлоону сапаттуу өткөрүштү. Төмөнкү деңгээлдеги комиссия мүчөлөрү үчүн байкоо жүргүзүлгөн тренингдер жалпысынан практикалык жана интерактивдүү нукта өттү. АШК мүчөлөрү өздөрүнүн ролдору жана милдеттери жөнүндө жакшы маалымданышкан, бирок ДИАУБ ШБМ байкоочулары АШК отурумдары, мыйзам талап кылгандай мөөнөттөрдө өткөрүлбөй жатканын белгилешти. Жаңы шайлоо системасынын татаалдык маселелесин чечүү үчүн БШК кызыкдар тараптардын көбүнө багытталган маалымат кампаниясын баштаган, бирок ал өлкө боюнча бирдей деңгээлде ишке ашырылган эмес.

Шайлоочулардын тизмесине шайлоо укугуна ээ болгон болжолдуу 3,6 миллион адам кирди. Коомчулук жалпысынан шайлоочуларды каттоо системасына ишенет. Өкмөттүн шайлоочулардын тизмесинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатууга жасаган аракеттерине карабастан, 290 000ге жакын шайлоочу биометриялык каттоодон өтө элек болгондуктан, *иш жүзүндө* шайлоо укугунан ажырап калууда. Эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге каршы келип, сот тарабынан эркинен ажыратылгандардын жана аракетке жөндөмсүз деп табылгандардын добуш берүү укугун чектөөлөр дале сакталууда.

БШК талапкерлердин тизмесин тапшырган бардык 21 партияны жана БМОлордо көрсөтүлгөн 381 талапкердин 321ин каттады. Бирок, жогорку билимге ээ болуу талабынын киргизилиши эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге карама-каршы келип, талапкер катары катышууга укуктуу жарандардын санына олуттуу чектөө жаратат. Каттоо учурунда гендер, азчылык, жаш жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендер боюнча квоталар сакталган, бирок талапкерлер көрсөтүлгөндөн кийин квоталарды сактоо боюнча жоболор жок болгондуктан, алардын натыйжалуулугу чектелеген. БМОлордо жарышка катышкан 304 талапкердин 20сы гана (6,5 пайыз) аялдар. БШК эки талапкерди каттоодон четтеткен, алардын бирөөсү апелляциялык даттануу аркылуу ийгиликке жете алган.

Үгүт иштеринде негизги эркиндиктер жалпысынан сакталган. Партиялар жана БМО талапкерлери үйлөрдү кыдыруу менен баракчаларды таратуу сыяктуу ар түрдүү каражаттарды колдонушту, ошондой эле, каржылык чектөөлөргө жооп катары, үгүттөө үчүн социалдык тармактарды колдонуу көбөйдү. Жалпысынан үгүт иштери тынч маанайда болуп, үгүт иш-чаралары жеңил жана көйгөйсүз өттү. Бийлик өкүлдөрү "таза” шайлоого чакырып, 1-ноябрда

жарыяланган Президенттин жарлыгы, анын УКМК жана башкалар тарабынан так аткарылышы, шайлоого кызыкдар тараптарды шайлоого этияттык менен мамиле кылууга жана үгүт иштерин чектөөгө түрттү. Бул добуштарды сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу сыяктуу үгүт иштериндеги бузуулардын алдын алууга оң таасир тийгизген.

Укуктук база үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындыгын камсыз кылганы менен, анын деңгээли жетишсиз бойдон калууда. Үгүт иштери жеке булактардан каржыланышы мүмкүн. Акыркы мыйзамдык түзөтүүлөр БМОлордогу айрым талапкерлерге каржылоо булактары менен чыгашаларына чектөөлөрдү киргизген, бирок ушул жана башка негизги аспектилерди көзөмөлдөө процесси жетишсиз болуп, дагы деле жөнгө салынган эмес. Мыйзам ошондой эле саясий партиялар үчүн жалпы төгүмдөрдүн жогорку чегин белгилейт. БШК өзүнүн веб-сайтында жарыштын бардык катышуучуларынын кирешелери жана чыгашалары тууралуу маалыматты жарыялаган, бирок партиялардын бири жана бир катар талапкерлер отчеттуулук боюнча талаптарды аткарган эмес. Мыйзамда үгүт иштерин каржылоо эрежелерин бузуу үчүн пропорционалдуу жана теске салуучу чаралар каралган эмес.

Конституция сөз эркиндигине, маалыматка жетүүгө кепилдик берип, цензурага жана ошондой эле жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга жол бербейт. Бирок Конституцияда жана бир катар мыйзам актыларында сөз эркиндигин чектөөнү мүмкүн кылган, өтө кеңири жана так эмес жоболор камтылган. БШКнын маалымат каражаттарында үгүттөөгө берилген чектөөчү аныктамасы жана көптөгөн ММКлардын үгүт иштерин чагылдырбоону чечиши шайлоонун жаңылыктарда жана редакциялык чагылдырылышына терс таасирин тийгизген. ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн көпчүлүк ММКлар талапкерлердин үгүт иштери жөнүндө минималдуу маалыматты гана беришкен, мунун натыйжасында шайлоочулар мамлекеттик телеканалдардагы акысыз эфирдик форматтардан тышкары жетиштүү маалымат ала алышкан эмес. Байкоо жүргүзүлгөн ММКларда расмий үгүт иштери жүрүп жаткан мезгилде критикалык жана аналитикалык репортаждар, бир нече онлайн ММКларды кошпогондо, жокко эсе болушу, шайлоочулардын маңыздуу тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүн чектеген.

БШК арыздарды коллегиалдуу жана ачык нукта карап жатты. Арыздарды кароо боюнча сессиялар ачык жүргүзүлүп, арыздануучулар өз пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алышкан. Бирок, ДИАУБ ШБМ БШКга даттанууларды каттоодо жана андан кийинки кароодо олуттуу кечигүүлөр болгондугун белгиледи. БШКга болжолдуу 142 арыз , анын ичинде добуштарды сатып алуу жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу боюнча даттануулар келип түшкөн, комитет ошондой эле үгүт иштеринин эрежелерин бузуулар боюнча өз убагында 51 эскертүү берип, айып пул салган. Бардык деңгээлдеги судьяларды дайындоодо президенттин жаңы чечүүчү ролу мындан ары соттордун көз карандысыздыгына жана бийликти бөлүштүрүүгө шек келтирет. Соттордун шайлоого байланыштуу иштер боюнча чечим чыгарууну каалабагандыгы алардын формалдуу негиздерге таянып, даттанууларды четке кагуу тенденциясынан көрүнүп турат. Бул ЕККУнун Копенгаген Документинин 5.10-пунктуна карама-каршы келет.

Шайлоо мыйзамы шайлоо жараянынын бардык баскычтарына саясий партиялар, жарандык коом уюмдары жана эл аралык байкоочулар, ошондой эле биринчи жолу БМОлордо жарышка катышкан талапкерлердин өкүлдөрү тарабынан байкоо жүргүзүүнү камсыздайт. Жакында БШКнын коомдук байкоочуларды каттоо тууралуу жобосуна киргизилген өзгөртүүлөр жарандык коомдун шайлоо процессине байкоочу катары катышуусуна тоскоол жарата алуучу талаптарын киргизди. Натыйжада коомдук байкоочулар топоторунун бирине байкоо жүргүзүү укугун берүдөн баш тартылган.

Шайлоо күнү тынч өттү. БШК жарыялаган маалымат боюнча шайлоого жалпы шайлоочулардын 34,6 пайызы катышты. Добуш берүүнүн жүрүшү байкоого алынган шайлоо участкаларынын 96

пайызында оң бааланды. ШБЭМдин байкоочулары добуш берүүнүн купуялуулугуна байланыштуу көйгөйлөр, аны менен бирге процедуралык мыйзам бузуу учурлары тууралуу билдиришти. Шайлоонун ачык-айкындуулугу жалпысынан камсыз кылынып, партиялардын байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн дээрлик бардык шайлоо участкаларында, ал эми коомдук байкоочулар участкалардын жарымына жакынында болушту. Биометрикалык идентификациялоочу жабдуулар менен бюллетень сканерлери жалпысынан жакшы иштешти, бирок ШБЭМдин байкоочулары кээ бир учурларда техникалык көйгөйлөр пайда болгондугун байкашкан. Байкоого алынган участкалардын жарымынын көбүндө добуштарды саноого терс баа берилиши тынчсызданууну жаратууда. Көптөгөн УШКлар текшерүүнүн негизги процедураларын аткара алышкан жок жана мыйзамда талап кылынгандай добуштарды кол менен эсептөөнүн ордуна, добуш берүүнүн жыйынтыктарынын протоколдору үчүн бюллетень сканеринин маалыматын колдонушкан. ШБЭМ көптөгөн учурларда начар уюштурулган жана башаламан деп мүнөздөлгөн натыйжаларды чыгаруунун баштапкы этаптарына терс баа берди.

## Алдын ала корутундулар

### Кыскача маалымат

29-августта президент Жапаров 28-ноябрда парламенттик шайлоо болоорун жарыялады. Жарым президенттик системадан президенттик башкаруу формасына өтүүнүн демилгечиси болгон президент, бул кызматты ээлегенден тарта, саясий чөйрөнү олуттуу түрдө калыптандырып, бийликтин тең салмактуулугун өзгөрттү. Бул шайлоо 2020-жылдын октябрь айындагы шайлоодон жана аны коштогон окуялардан кийин башталган башкарууну борборлоштурууга карай акыркы кадам болуп эсептелинет.

2020-жылдын октябрынын ортосунан ноябрынын башына чейинки аралыкта, Жапаров мырзанын демилгеси менен, парламент Президенттин ыйгарым укуктарын кыйла кеңейтүү менен президенттик республика үчүн жаңы Конституциянын долбоорун сунуштаган. Президенттик шайлоо менен бирге мамлекеттик башкаруу формасы боюнча референдум өз мөөнөтүнөн мурда 2021-жылдын 10-январына белгиленген, Жапаров мырза ага катышып, шайлоодо жеңип чыккан.[1] Референдумдун жыйынтыгы боюнча башкаруунун президенттик формасы тандалган.[2] Конституциянын долбоору парламент тарабынан тез арада жактырылып, долбоор боюнча референдум 10-апрелге белгиленген. Натыйжада, кызыкдар тараптар менен маңыздуу консультациялар же парламенттик талкуулар жетиштүү өлчөмдө өткөрүлгөн эмес. Жаңы Конституцияда парламенттин депутаттарынын саны 120дан 90го кыскартылган.[3] Бир катар институционалдык жоболорго жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүгө, анын ичинде адам укуктары менен эркиндиктерине байланыштуу бир нече жоболорго эл аралык стандарттарга жана ЕККУнун милдеттенмелерине туура келбейт деген баа берилди.[4]

---

1 С. Жапаров добуштардын 79,2 пайызын алды.

2 Президенттик республикага шайлоочулардын 81,3 пайызы, парламенттик республикага 10,9 пайызы жана бардык варианттарга каршы 4,4 пайызы добуш берди. Шайлоого катышкандардын жалпы саны 39,1 пайызды түздү.

3 Конституция, башка функцияларынан сырткары, аткаруу бийлигинин башчысынын ыйгарым укуктарын премьер-министрден президентке өткөрүп берет; анда президенттин бирдиктүү алты жылдык мандатын эки беш жылдык мөөнөткө алмаштыруу каралат; Конституция ошондой эле президентке жаңы түзүлгөн 2500 адамдан турган “Элдик Курултайдын” (тарыхый көчмөн элдердин аксакалдарынын салттуу кеңеши) жыйналыштарында сөз сүйлөөгө укук берет.

4 2021-жылдын мартында жарыяланган Венеция комиссиясы менен ЕККУ/ДИАУБдун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутундусун (2021-жылкы Биргелешкен корутунду көрүңүз.

Февраль айынын башында президент мыйзамдардын кеңири каралып чыгышын тапшырган. [5] Мөөнөтүнөн узак иштеп жаткан парламенттин мандаты 2020-жылдын октябрында аяктаган, бирок мыйзам боюнча 2021-жылдын июнуна чейин узартылган.[6] Июнь айынан бери парламент көптөгөн мыйзам долбоорлорун, *анын ичинде* президенттин жаңы конституциялык ыйгарым укуктарын тартипке келтирген долбоорлорду кабыл алды.[7] Бул өзгөртүүлөр көпчүлүк тарабынан коомчулукту кызыктырган маселелерди чечүү үчүн тез жана күчтүү чечимдерди талап кылган коомдук маанайга жооп иретинде бийликти консолидациялоого карай кадамдар катары кабыл алынат.

Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча эл аралык миссиясынын (ШБЭМ) маектештери ошондой эле мурунтадан бери бийликке ээ болгон партиялар өз таасирин жоготуп, жаңылары пайда болуп, аны менен бирге негизинен жеке инсандык кызыкчылыктарга негизделген саясий чөйрөнү андан ары майдалап бөлүү уланып жатканын белшилешти. [8] Маектештер алдыдагы шайлоодо так аныкталган жетектөөчү партия жок экендигин, бирок президент менен тыгыз байланышта турат деп эсептелген бир нече партия бар экенин билдиришти. Ал эми президент эч бир партияны колдобой турганын билдирген.

Гендердик тең укуктуулук боюнча мыйзам 2008- жылдан баштап ишке кирген.[9] Бул мыйзам аялдар менен эркектердин ортосунда саясий тең укуктуулукту кепилдеп, мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына өкүлчүлүк боюнча талаптарды киргизет, бул талаптар бир жыныстагы адамдардын санын 70%га чейин чектейт. Мындай өкүлчүлүк боюнча талаптар жаңы шайлоо системасынын пропорционалдык компонентинде да чагылдырылган. Азыркы учурда 120 мандаттуу парламентте 20 гана айым бар. Депутаттардын санынын кыскарышы менен аралаш шайлоо системасынын киргизилиши аялдардын саясатка катышуусу менен өкүлчүлүгүнө терс таасир тийгизди.

---

ДИАУБ ШБМ маектештери болжолдуу 400 мыйзамга терс таасир тийгизилди деп эсептешет. Жарлык менен Кыргыз Республикасынын Президентинин сайтынан таанышууга болот.

6 Жогорку Соттун Конституциялык палатасы мыйзамды конституциялык деп тапканы менен, ал «ашыкча узак жана объективдүү себептер менен актоого мүмкүн эмес» деп, кабыл алынышынын кийинкиге жылдыруунун узактыгын сынга алды. Белгилей кетсек, мыйзам боюнча кайрадан шайлоо 1-июндан кеч өткөрүлбөшү керек болчу. Ага кошумча, парламенттин ишинин мөөнөтүн узартуу учурунда анын ишмердүүлүгү «эстүү чектөө принцибине негизделиши керек» деп белгиленет. 2020-жылдын ноябрында Укук аркылуу Демократия үчүн Европа Комиссиясы (Венеция комиссиясы) Конституциялык реформанын негизинде шайлоону кийинкиге калтырууга байланыштуу шашылыш түрдө даярдалган Amicus Curiae кыскача баяндамасында мындай деп билдирди: «Мыйзам чыгаруучу органдын мыйзамдуу мөөнөтү аяктагандан кийинки узартылган мөөнөт мезгилинде парламент айрым катардагы функцияларды аткарууга гана укуктуу, ал эми өзгөчө чараларды, анын ичинде конституциялык реформаларды бекитүүгө жол берилбейт».

7 «Министрлер кабинети жөнүндө» конституциялык мыйзам бир учурда премьер-министрдин ордуна президентке жооптуу Президенттин администрациясынын жетекчисин жана министрлер кабинетинин төрагасын коёт. Мыйзам ошондой эле, президент тарабынан бекитилбеген учурда, өкмөт мүчөлөрүнө каршы кылмыш ишин козгоого тыюу салат, президент ошондой эле өкмөттүн айрым мүчөлөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу укугуна ээ. «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзам президентке жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн дайындоо жана кызматтан бошотуу боюнча кеңири ыйгарым укуктарды берет. Эки мыйзам тең 2021-жылдын октябрында шайлоо жараянынын жүрүшүндө кабыл алынган.

8 Шайлоого катышкан 21 партиянын бешөө (*Ыйман Нуру, Ата Мекен, Бүтүн Кыргызстан, Ордо* жана *Социал-демократтар*) былтыркы парламенттик шайлоого катышкан. Калган партиялар быйылкы шайлоого биринчи жолу же ребрендингден кийин катышууда. Белгилей кетсек, 2021-жылдын августундагы шайлоо мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр партиялар шайлоо күнүнө кеминде алты ай калганда каттоодон өтүшү керек деген талапты жокко чыгарган.

9 2008-жылкы «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзам.

26-ноябрда БШК, Кыргызстандын Жашылдар партиясынын үч талапкерине каршы, бийликти күч менен басып алуу үчүн кутум уюштурууга шектелип, иликтөө башталганы тууралуу УКМКнын берген маалыматтын негизинде, ал үч талапкердин кол тийбестигин жоюуга макул болду. УКМК ушул эле айып боюнча дагы 15 адам кармалгандыгын билдирди.

## Укуктук негиз жана шайлоо системасы

Парламенттик шайлоонун укуктук негизи биринчи кезекте 2021- жылкы Конституциядан, 2011- жылы кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык мыйзамдан (шайлоо мыйзамы), 2021- жылы кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" мыйзамдан жана 2011- жылдагы "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" мыйзамдардан түзүлгөн.[10] Кыргыз Республикасы демократиялык шайлоолорго байланыштуу негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу.[11]

2021- жылдын апрелинде референдум аркылуу кабыл алынган учурдагы Конституция айрым жарандык жана саясий укуктарды негизсиз чектейт.[12] ДИАУБ жана Вененеция Комиссиясы Конституциянын долбоорун карап чыгып, бир катар сунуштоолорду жасаган, алардын бири да референдумга коюлган долбоорго киргизилген эмес. Жаңы Конституция, башка өзгөртүүлөр менен катар, депутаттарды кайра чакыртып алуу мүмкүнчүлүгүн берген жоболорду киргизип, талапкерлердин парламенттик шайлоого катышууга жарамдуулук курагын 21 жаштан 25 жашка чейин жогорулатып, президентке улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеги судьяларды дайындоодо чечүүчү ролду берди.

2020- жылдын 4- октябрында өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгы жараксыз деп табылгандан кийин шайлоо мыйзамына бир нече жолу өзгөртүүлөр киргизилген, ДИАУБдун сунуштары бул реформалардын күн тартибине киргизилген эмес жана айрым учурларда түзөтүүлөр мурунку сунуштардан дагы алыстап кеткен.[13] Бир катар сунуштар кароосуз калып,[14]

---

10 Тиешелүү башка актыларга «Саясий партиялар жөнүндө», «Тынч чогулуштар жөнүндө» мыйзамдар жана шайлоо мыйзамдарын бузуулар үчүн санкцияларды караган мыйзамдар кирет. Жаңы Кылмыш-жаза кодексин, Жазык-процесстик кодексти жана Бузуулар жөнүндө кодексти парламент 22-сентябрда кабыл алганы менен, президент аларга 16-ноябрда гана кол койгон. Алар күчүнө 2021-жылдын 1-декабрынан эрте эмес кирет.

11 Аларга 1965-жылда кабыл алынган Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция, 1966-жылкы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, 1979-жылкы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана анын факультативдик протоколу, Демократиялык шайлоо, шайлоо укуктары жана эркиндиктери үчүн стандарттар боюнча КМШнын 2002-жылдагы Конвенциясы жана БУУнун Коррупцияга каршы 2003-жылдагы Конвенциясы жана 2006-жылдагы Мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын укуктары жөнүндө Конвенция (CRPD) кирет.

12 Мисалы, Конституциянын 10-беренесинин 4-пунктунда "Өсүп келе жаткан муунду коргоо максатында Кыргыз Республикасынын элинин моралдык жана адеп-ахлактык баалуулуктарына, коомдук аң-сезимине карама-каршы келген иш-чаралар мыйзам менен чектелиши мүмкүн" деп жазылган. Биргелешкен корутундусунда бул чектөөнү толугу менен алып салуу сунушталган (ММКны көрүңүз). Ага кошумча, корутундуда "диний же этникалык атрибуттары бар саясий партияларды түзүүгө жалпы тыюу салуу, пропорционалдуу эмес" деп белгиленген, Конституциянын 8.3-беренеси 3-пункту, башкадан сырткары, «диний жана этностук негизде саясий партияларды түзүүгө» тыюу салат.

13 Мисалы, БШКнын мүчөлөрүн шайлоону өзгөртүү БШКнын көз карандысыздыгын бекемдөө боюнча буга чейинки сунуштоого карама-каршы келет. Мыйзам убактылуу жашаган жер боюнча добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө тыюу салганы менен, анда буга чейин берилген сунуштарга карабастан, ички мигранттардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу үчүн жетиштүү кепилдиктер каралган эмес.

14 Аларга камактагылардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоо укуктарын чектөөнү, ошондой эле шайлоо талаш-тартыштарда укуктук катышууу боюнча негизсиз чектөөлөрдү кайра карап чыгуу, талапкерлердин тизмесине квота механизмдерин киргизүү кепилдиги кирет.

айрым өзгөртүүлөр мыйзамдарда карама-каршы жоболорду жаратты.[15] Андан тышкары, айрым мыйзам ченемдери так эмес болгондуктан, БШКга аларды ар кандай чечмелөөгө жол ачылат.[16] Кээ бир учурларда БШК өзүнүн токтомдору жана чечимдери аркылуу мыйзамга караганда күчтүүрөөк чектөөчү талаптарды киргизген.[17]

Президент, башкаларга кошумча, аралаш шайлоо системасын киргизген мыйзамга 2021-жылдын 26-августунда кол койгон.[18] Түзөтүүлөрдүн шайлоого үч күн калганда жасалышы шайлоочуларга жана шайлоо органдарынын кызматкерлерине жаңы система жана процедуралар менен таанышууга жетиштүү мүмкүнчүлүк берген жок.[19] Учурдагы президент демилгелеген шайлоо мыйзамдарына өзгөртүүлөр парламент тарабынан тездетилген процедура аркылуу кабыл алынган, бул инклюзивдүү жана мазмундуу консультацияларды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк бербей, шайлоо мыйзамынын туруктуулугуна шек келтирет.[20]

Жаңы кабыл алынган шайлоо системасы боюнча, шайлоочулар 5 жылдык мөөнөткө 90 депутатты тандашат, 54 депутат бирдиктүү республикалык округда ачык партиялык тизмелер аркылуу, ал эми 36 депутат бир мандаттуу округдарда (БМО) бир турдук мажоритардык система боюнча шайланат. Пропорционалдык компонентте мандаттарды бөлүштүрүүгө катышууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн, саясий партиялар жалпы мамлекет боюнча добуштардын 5 пайыздык босогосунан жана бардык 7 областтан жана Бишкек менен Ош шаарларынан 0.5 пайыздык босогосунан өтүүсү керек.[21] Алынган добуштардын санына карабастан, пропорционалдык компонент аркылуу шайланган партия эң көбү 27 мандат ала алат.[22] Бул чектөө добуштардын тең салмаактулук принцибине жана шайлоочулардын оюн биолирүү эркиндигине каршы келет. ДИАУБ менен Венеция Комиссиясы буга чейин мандаттарды бөлүштүрүү эрежелерин кайра карап чыгууну

15 Шайлоо мыйзамынын 3-беренесинде Кыргыз Республикасынын жарандары тегине, жынысына, расасына, улутуна, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнө, билимине, кызматтык жана мүлктүк абалына, динине, саясий көз карашына карабастан шайлоого жана шайланууга укуктуу деп айтылганы менен, жаңы түзөтүүлөр шайлоого талапкер болуу үчүн жаңы талап катары жогорку билимди киргизди. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин (АУБК) 25- Жалпы Комментарийинин 15-пунктунда: "шайлоого катышууга укугу бар адамдар билими, жашаган жери же теги сыяктуу негизсиз же басмырлоочу талаптардан же саясий көз караштан улам четтетилбеши керек" деп айтылат.

16 Мисалы, жакында киргизилген өзгөртүүлөр шайлоонун администрациясынын жаңы деңгээлин киргизген, бирок аны түзүү эрежелерин камтыбайт.

17 Мисалы, БШКнын өзгөртүлгөн "Байкоочулар жөнүндө" жобосу жарандардын байкоочуларын каттоого кошумча талаптарды киргизди ("*Жергиликтүү жана эл аралык байкоочуларды*" карап чыгыңыз), үгүт эрежелерин бузуу боюнча БШКнын айрым чечимдери үгүт иштерине жана сөз эркиндигине тоскоол болот ("*Даттануулар жана аппеляцияларды*" караңыз.)

18 Жаңы аралаш шайлоо системасын киргизүү шайлоочуларды жана талапкерлерди каттоо, үгүт иштерин каржылоо жана шайлоону башкаруу боюнча жоболордогу зарыл өзгөртүүлөр менен коштолду жана шайлоо күнүнүн жол-жоболорун олуттуу түрдө өзгөрттү.

19 Ошондой эле ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери түзөтүүлөр шайлоонун бардык кызыкдар тараптары менен жетиштүү түрдө талкууланбаганын белгилешти.

20 Жаңы Конституция президентке мыйзам чыгаруу демилгеси укугун берет. Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча акыйкат тажрыйбалар кодексинин түшүндүрмө отчетунда "тез өзгөрүп турган эрежелер - жана өзгөчө татаал эрежелер - шайлоочуларды чаташтырышы мүмкүн деп айтылат. Эң маанилүүсү, шайлоочулар бул шайлоо мыйзамдары жөн гана бийликтегилердин колундагы курал жана шайлоонун жыйынтыгын чечүүдө алардын добуштары күчкө ээ эмес деген туура же туура эмес тыянакка келиши мүмкүн.

21 ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Укук аркылуу демократия үчүн Комиссиясы (Венеция Комиссиясы) буга чейин мандаттарды бөлүштүрүү эрежелерин жана кош босогону кайра карап чыгууну сунуштаган.

22 Шайлоонун жыйынтыгында бир партия 27ден ашык мандат алса, калган мандаттар босогодон өткөн партиялар арасында бөлүштүрүлөт. Бир гана партия босогодон өткөн учурда эмне болоору мыйзамда каралган эмес.

жана кош босогону киргизүүнү ойлонуштурууну сунуштаган.[23] БМОдо эң көп добушка ээ болгон талапкер шайланат. [24]

Акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, БШК 36 БМОну түздү. Мыйзам округдар боюнча шайлоо укугуна ээ болгон шайлоочулардын саны, орточо көрсөткүчтөн 20 пайызга чейинки четтөө менен, болжол менен бирдей болушун талап кылат. Сегиз шайлоо округундагы шайлоочулардын саны, мыйзам чегинде болсо да, ар бир депутаттык мандатка ылайык келген шайлоочулардын республикалык орточо санынан 15 пайыга ашты.[25] БШК ДИАУБ ШБМга шайлоочулардын санындагы айырма калктын өлкөнүн ичинде географиялык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу экенин билдирди.

## Шайлоону уюштуруу

Шайлоолорду БШК, аймактык шайлоо комиссияларынан (АШК) жана 2494 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК), анын ичинде 59 чет мамлекеттердеги УШК уюштурат.[26] БШК жана УШКлар - беш жылга дайындалган туруктуу органдар. АШКлар ар бир парламенттик шайлоодо түзүлгөн, 12ден кем эмес мүчөдөн турган убактылуу орган болуп саналат. Аялдар шайлоону башкарууда жакшы өкүлчүлүккө ээ болгон: БШКнын төрт мүчөсү, анын ичинде төрайымы, АШК мүчөлөрүнүн жарымына жакыны жана УШК мүчөлөрүнүн көпчүлүгү - аялдар.[27] Ар кандай улуттук азчылык топтору, анын ичинде алар калктын олуттуу үлүшүн түзгөн аймактарда да, аз көрсөтүлүшкөн.[28]

УШК мүчөлөрү саясий партиялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлөт. Саясий партиялар биригип УШКнын мүчөлөрүнүн жарымын көрсөтүүгө укуктуу болгону менен, УШК мүчөлөрүнүн 6 пайызы гана саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн.[29] Бул саясий партиялардын чектелген адамдык жана каржылык ресурстары жана айрым учурларда шайлоо технологияларын киргизилгенден кийин шайлоо процессинин тазалыгына болгон ишенимдин жогорулашы менен түшүндүрүлөт.

Учурдагы 12 мүчөдөн турган БШК 2021-жылдын 30-июнунда дайындалган.[30] Конституциянын долбоорунда каралган президенттин ролу боюнча ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштоосуна карабастан, жаңы процедураларга ылайык, азыркы учурда мүчөлөрдүн жарымын

---

[23] 2014-жылдагы ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Кыргыз Республикасынын Шайлоо мыйзамынын долбоору боюнча биргелешкен корутундусун караңыз.

[24] Эгерде шайлоодон кийин талапкер кызматын калтырып, анын депутаттык мандаты бош калган учурда, эки айдын ичинде анын аймагы боюнча жаңы шайлоо өткөрүлүүгө тийиш.

[25] Аталган райондор: Аксы (20 пайыз), Ала-Бука (20 пайыз), Талас шаары (20 пайыз), Көк-Жар (20 пайыз), Ноокат (18 пайыз), Төлөйкөн (18 пайыз), Ак-Суу (17 пайыз), Манас (17 пайыз). Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча акыйкат тажрыйбалар кодексинин 2.2-бөлүмүнүн 15-пунктунда “Бөлүштүрүү критерийинен жол берилген максималдуу чегинүү... сейрек учурда гана 10%дан көп болушу мүмкүн жана өтө өзгөчө кырдаалдардан сырткары учурларда эч качан 15%дан ашпашы керек…” деп айтылат.

[26] Чет өлкөдөгү шайлоочулар бирдиктүү улуттук шайлоо округу боюнча гана добуш бере алышат. Шайлоо 29 өлкөдө уюштурулган.

[27] 36 АШКнын 10унда аялдар төрайым болушкан. УШКнын мүчөлөрүнүн 70 пайызга жакыны аялдар болгон.

[28] БШКнын маалыматы боюнча, улуттук азчылыктар АШКнын мүчөлөрүнүн 12 пайызын жана УШКнын мүчөлөрүнүн 17 пайызын гана түзөт.

[29] УШКнын мүчөлөрүнүн саны жетиден кем болбоого жана шайлоо участкасынын өлчөмүнө ылайык болууга тийиш.

[30] БШКнын мүчөлөрүүн сегизи жаңы дайындалган. Төрайым бул кызматты 2016-жылдан бери ээлеп келет.

президент, ал эми экинчи жарымын парламент сунуштайт.[31] Шайлоого кызыкдар тараптар жалпысынан шайлоону башкаруунун техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө жана натыйжалуулугуна ишенгендигин билдиришти. Айрымдары БШК шайлоого байланыштуу мыйзам бузууларга каршы активдүүрөөк мамиле жасап жатканын белгилешкен. Бирок, айрым учурларда, БШК шайлоо мыйзамын, атап айтканда, үгүт иштерине жана массалык маалымат каражаттарында чагылдыруусуна байланыштуу даттанууларды кароодо жана жарандык коомдун байкоосун жөнгө салууда чектелүү, формалдаштырылган жана ашыкча этияттык менен чечмелеген.

БШКнын жыйындары коомчулук жана байкоочулар менен ММК үчүн ачык, алар ошондой эле онлайн режиминде көрсөтүлүп, андан кийин БШКнын Ютюб каналына жүктөлгөн. Бирок, көп учурларда отурумдар башталаардын алдында гана жарыяланып, онлайн катышууну же көрүүнү каалагандарга аз убакыт калтырылган.[32] Мүчөлөр бардык отурумдарга катышууга милдеттүү болгону менен, БШК эрежелери аларга видеоконференция аркылуу катышууга уруксат берет.[33] ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн БШК сессиялары жалпысынан коллегиалдуу өтүп, чечимдер негизинен бир добуштан кабыл алынган.

Мыйзам БШКнын чечимдерин 24 сааттын ичинде анын сайтында жарыялоону талап кылганы менен, айрым чечимдер, өзгөчө даттанууларга байланыштуулары, өз убагында коомчулукка жарыяланган эмес. (*Арыздар жана даттануулар* бөлүмүн көрүңүз) андан тышкары, шайлоо күнүнүн маалыматына жараша, бул шайлоого тиешелүү жоболордун 27исинен 8и гана БШКнын сайтында жарыяланып, анын ачыктыгы төмөндөтүлгөн.[34]

Мыйзамга ылайык, шайлоо мезгилинде АШКлар жыйындарды жумасына бир жолудан кем эмес өткөрүшү керек. Көпчүлүк АШКлар ДИАУБ ШБМге отурумдарды такыр өткөрбөгөнүн же зарыл болгондо гана өткөргөндүгүн билдиришкен. Андан ары ДИАУБдун узак мөөнөттүү байкоочулары бир нече жолу АШКлардын арасында ачык-айкындуулуктун жана кызматташтыктын жоктугун белгилешти.[35] Ага карабастан, бул шайлоого техникалык даярдыктар мыйзамдуу мөөнөттөрдү сактоо менен натыйжалуу жүргүзүлгөн. Төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиялары БШК жана жергиликтүү бийлик тарабынан жетиштүү ресурстар жана материалдык-техникалык жардам менен камсыз болушкан. БШК төмөнкү деңгээлдеги комиссия мүчөлөрүн, биометрикалык идентификациянын операторлорун жана

[31] Парламент тарабынан сунушталган БШКнын алты мүчөсү - “Ата-Журт Кыргызстан”, “Ата Мекен”, “Бир Бол”, “Өнүгүү-Прогресс”, “Республика” жана КСДП партияларынын өкүлдөрү. 2021-жылкы Биргелешкен корутундуда айтылгандай, «сунуш кылынган модель учурдагы тең салмактуу мамиледен алыстап, БШКны түзүүгө Президенттин кеңири катышуусуна жол ачат».

[32] Мисалы, 19 жана 26-октябрдагы отурумдар башталардан 17 жана 8 мүнөт мурун Телеграм каналында жарыяланган. 20-октябрда отурум башталгандан 10 мүнөттөн кийин, 21-ноябрда 3 мүнөттөн кийин жарыяланган. 24-октябрда отурум аяктагандан кийин гана жарыяланган.

[33] БШКнын отурумдары онлайн жана жеке катышуу менен өткөрүлгөн. Кээ юир учурларда айрым мүчөлөр процедураларда каралбаган WhatsApp үн билдирүүсү аркылуу добуштарын алдын ала тапшырышкан. Эгерде талкуунун жүрүшүндө чечимдин долбоору өзгөртүлсө, алдын ала берилген добуштар комиссия тарабынан эсептелген эмес.

[34] Жободо талапкерлерди жана коомдук байкоочуларды каттоонун жол-жоболору, шайлоо комиссияларын түзүү, үгүт иштери жана аларды каржылоо, даттанууларды жана аппеляцияларды кароо, шайлоо күнүнүн тартиби жана башка нерселер каралган. Жарыяланган сегиз талапкерлерди каттоо, коомдук байкоочуларды каттоо, үгүт иштеринин эрежелери, БШК жумуш тобу, бюллетенде кандидаттардын жайгашуу ирээтин аныктоо, үгүт иштерин каржылоо, партиялардын/кандидаттардын ишенимдүү адамдарынын статусу жана шайлоочулардын маалымат боюнча жоболор болгон. Шайлоо күнүн өткөрүүнүн процедуралары тууралуу жобо 15-ноябрда кечинде кабыл алынып, 26-ноябрга чейин жарыяланган эмес.

[35] Мисалы, ДИАУБдун узак мөөнөттүү байкоочуларына, бир нече өтүнүчтөр жасалганына карабастан, отурумдардын графигин билдирбөө, даттанууларгв байланыштуу маселелер боюнча байкоочуларга дайыма так маалымат бербөө жана, айрым учурларда, алардын ишмердүүлүгү боюнча суроолорго жооп берүүдөн баш тартуу.

бюллетендерди сканерлөө операторлорун даярдаган. ДИАУБ ШБМ катышкан тренингдерине маалыматтуу, практикалык жана интерактивдүү деген баа берди. БШК ошондой эле бардык шайлоо участокторун көрүүсү начар шайлоочуларга жардам берүү үчүн шаймандар, анын ичинде тактилдүү бюллетендер менен да камсыз кылды.

Жаңы шайлоо системасынын жана шайлоо бюллетендеринин татаалдыгына көңүл буруп, БШК ар тараптуу маалымат кампаниясын өткөрдү.[36]Ал тренингдер, семинарлар, көрнөк-жарнактар, плакаттар, медиа аянтчалардагы жана мамлекеттик телеканалдардагы түшүндүрүүчү видеолор жана жаңдоо тилиндеги материалдар аркылуу өткөрүлдү. Бирок, ДИАУБ ШБМ областтарда шайлоочулар үчүн маалыматтын көлөмү айырмаланаарын байкаган.

**Шайлоочуларды каттоо**

Шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон жарандар добуш берүүгө укуктуу. Шайлоо мыйзамы, буга чейинки ДИАУБнын сунуштоолорун эске албай, эркинен ажыратуу жазасын өтөп жаткандарды жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылгандарды шайлоо укугунан ажыратууну улантууда. Бул эл аралык стандарттарга да, милдеттенмелерге да каршы көрүнүш.[37]

Шайлоочуларды каттоо пассивдүү түрдө жүргүзүлөт. Шайлоочулардын тизмелери Мамлекеттик Каттоо Кызматынын (МКК) карамагындагы Калктын бирдиктүү реестринин негизинде түзүлөт. Шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн бардык 16 жашка жеткен жарандар биометрикалык жарандык каттоодон өтүүгө милдеттүү. БШКнын маалыматы боюнча, негизинен чет өлкөлөрдө жашаган 290 000дей жаран, биометриялык каттоодон өтпөгөндүктөн, шайлоо укугунан ажырап калууда. [38] Ага карабастан, ДИАУБ ШБМ маектештеринин көбү шайлоочуларды каттоо системасына жалпысынан ишенгендигин билдиришти.

Шайлоого төрт ай калганда кабыл алынган мыйзамдык өзгөртүүгө ылайык, БМО жарышында добуш бергендер шайлоо күнүнө 90 күн калганга чейин жашаган дарегин ошол шайлоо округуна катташы керек болуп, шайлоочулардын муну аткаруусуна 30 күн гана калтырылган.[39] 2020-жылдагы парламенттик шайлоодон кийин добуштарды сатып алууга каршы кепилдиктерди киргизүүгө багытталган өзгөртүүлөрдөн улам, шайлоочулардын убактылуу турган жерин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү алынып салынган.[40] БШК шайлоо участкаларында иштегендер үчүн добуш берүүчү жерлерин өзгөртүү механизмин камсыз кылган;[41] бул мүмкүнчүлүктүн азыркы

---

[36] Маалымат өнөктүгү талапкерлерди каттоо, шайлоо өнөктүгү, даттануулар жана кайрылуулар, шайлоо күнүнүн жол-жоболору сыяктуу тармактарды камтыган. Мыйзам боюнча шайлоо комиссиялары, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоочуларды өз убагында жана анык маалымат менен камсыз кылууга милдеттүү.

[37] 2006-жылдагы CRPDнин 12 жана 29-беренелерин көрүңүз. Ошондой эле 2013-жылдагы CRPD комитетинин № 4/2011 билдирүүсүнүн 9.4-пункту менен таанышып чыгыңыз, андп 29-беренеде ден соолук мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын кандайдыр бир тобу үчүн эч кандай негиздүү чектөөлөрдү караштырбайт, жана ошондой эле аларга кандайдыр бир өзгөчөлүктөргө жол бербейт - деп айтылат. ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 24-пунктунда “демократиялык коомдо укуктарды жана эркиндиктерди чектөө колдонулуучу мыйзамдын максаттарынын бирине тиешелүү болуп, ошол мыйзамдын максатына так пропорционалдуу болушу керек” деп айтылат.

[38] Бул 2021-жылдагы акыркы президенттик шайлоодогу көрсөткүчкө (450,000) салыштырмалуу 36 пайызга азайган.

[39] Жалпы улуттук шайлоо округунда добуш берүү үчүн мындай талап жок.

[40] Мыйзам чет мамлекеттеги шайлоочуларга учурда жашаган жеринде добуш берүүгө уруксат берет.

[41] Белгилей кетсек, БШКнын жобосу шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, шайлоо күнү нөөмөттө турган милиция кызматкерлерине, шайлоочуларды идентификациялоочу биометрикалык жабдуулардын операторлоруна жана медициналык кызматкерлерге алар шайлоо күнү иштөөгө дайындалган шайлоо участкасынын шайлоочулардын тизмесине кирүү мүмкүнчүлүгүн берет.

учурда туруктуу жашаган жеринде турбаган башка шайлоочуларда жоктугу, алардын добуш берүү укугун ишке ашыруусуна тоскоолдуктарды жаратты.[42]

ДИАУБдун буга чейинки сунуштоосуна карабастан, МККнын эки маалымат базасынын – улуттук ID-карталар менен даректердин реестринин шайкеш келтирилбегендиги, шайлоочулар азыркы катталган жери эске алынбастан, улуттук ID-карталар базасындагы дареги боюнча шайлоо участогуна дайындалгандыгына алып келген. Бул кээ бир шайлоочуларга добуш берүүчү жеринин дареги боюнча баш аламандык жаратып, ДИАУБ ШБМ байкагандай, алардын добуш берүү укугунан пайдаланганына чейин кошумча аракеттерди жасоосун талап кылган.[43] Тилекке жараша, БШК жарандык каттоонун дареги ID-картадагы дарекке дал келбеген шайлоочулардын катышуусун жеңилдетүү механизмин камсыз кылды.[44] Бул маселе боюнча шайлоочулардын маалыматтары тууралуу материалдар аткарыла турган жол-жоболор боюнча жетиштүү маалымат берген эмес.

Шайлоочулардын акыркы тизмелерине 3,703,420 шайлоочу кирди, алардын 52 пайызы - аялдар. Чет мамлекетте добуш берүү үчүн 84.128 шайлоочу катталган.[45] Шайлоочулардын 12-ноябрга чейинки текшерүү мезгилинде УШКларда өз маалыматтарын текшерүү жана оңдоолорду талап кылуу үчүн мүмкүнчүлүгү жетиштүү болгон.

**Талапкерлерди каттоо жана талапкерлер тизмелери**

25 жаштан улуу жарандар шайланууга укуктуу. Акыркы өзгөртүүлөр жаш курактык талаптарды күчөтүп, жогорку билим боюнча талап киргизип, талапкер катары шайлануу мүмкүнчүлүгүнө ээ жарандардын санын олутту кыскартты. Башка жарандыгы бар адамдар Венеция комиссиясынын жана ДИАУБдун буга чейинки сунуштарына карабастан, шайлана алышпайт.[46] Бирдиктүү республикалык шайлоо округуна талапкерлерди көрсөтүү партиялык тизме аркылуу жүргүзүлөт. БМОлордогу талапкерлер саясий партиялар тарабынан же өзүн-өзү көрсөтүү аркылуу көрсөтүлө алышат. Партиялар жалпы улуттук шайлоо округуна 54кө чейин талапкерди жана ар бир БМОлордун бирден талапкерди көрсөтө алышат, ал эми көз карандысыз талапкерлер, БМОдо гана жарышка катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

---

42 ДИАУБ буга чейин “бардык шайлоочуларга жүйөлүү негиз бар болгон жана шайлоо мезгилинде бир шайлоочу тарабынан берилген өтүнүчтөрдүн чектелген саны сакталган учурларда добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүүнү талап кылуу укугун берүү маселесин кароону” сунуштаган.

43 Мисалы, Бишкек шаарында турган шайлоочу добуш берүү дарегин жаңыртуу үчүн “Тизме» онлайн сервиси аркылуу кайрылган, бирок бул кызмат арыз берүү учурунда жеткиликтүү эмес болгон; андан кийин кызмат чет өлкөдөгү шайлоочулар үчүн гана жеткиликтүү болгон. Аягында шайлоочу тиешелүү УШКга арыз менен кайрылып, добуш берүү дарегин өзгөрткөн. Бишкектин дагы бир шайлоочусу добуш берүү дарегин тактоо үчүн тиешелүү УШКга кайрылган, бирок ал чет өлкөдө катталгандыктан, Тышкы Иштер Министрлигине жана тиешелүү консулдукка кайрылуусу керек деген түшүндүрмө алган; акыры шайлоочу жаңы дарек боюнча автоматтык түрдө катталган.

44 700дөй шайлоочу дарегин жаңыртууну өтүнүшкөн.

45 Чет өлкөдө катталган шайлоочулардын саны акыркы парламенттик шайлоого салыштырмалуу эки эсе өскөн. БШКнын айтымында, бул каттоо процедурасынын жеңилдеши, анын ичинде онлайн режиминде кайрылуу мүмкүнчүлүгү жана чет өлкөдөгү диаспоралардын активдүүлүгү менен шартталган. Чет өлкөдөгү шайлоочулар жалпы улуттук шайлоо округу боюнча гана добуш берүүгө укуктуу.

46 Каттоо талаптарынын сакталышы TUNDUK платформасы аркылуу мамлекеттик органдардын маалымат алмашуунун интеграцияланган системасы тарабынан текшерилет. БШК система аркылуу Ички иштер министрлиги, Юстиция министрлиги, Билим берүү министрлиги жана Санариптик өнүктүрүү министрлиги менен байланышкан.

Талапкерлердин тизмесин же БМОнун талапкерлерин каттоо үчүн талапкерлер шайлоо түрүнө жараша, 1 миллион сом жана 100 000 сом күрөө төлөшү керек.[47] Талапкерлердин тизмесинде ар бир жыныстагы талапкерлердин 30 пайыздан кем эмеси болушу зарыл, мында тизмедеги аз дегенде ар бир төртүнчү талапкер азыраак көрсөтүлгөн жыныста болушу керек.[48] Мыйзамга ылайык, ар бир шайлоого катышкан партия экиден кем эмес мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамды талапкерлердин тизмесине киргизип, алардын бирөөсү алгачкы 25 адамдын арасында болушу керек.

БШК талапкерлердин тизмесин тапшырган бардык 21 партияны жана БМОдо көрсөтүлгөн 381 талапкердин 321ин каттады.[49] Талапкерлерди каттоого БШК жоопттуу болуп саналганы менен, жаңы жобо УШКлардан БМОлордун талапкерлеринин документтерин БШКга кабыл алууну жана тапшырууну жеңилдетүүнү талап кылган, бул областтардагы БМОлордун талапкерлерин каттоону бир кыйла жеңилдеткен. Бардык партиялар тизмелеринде талапкерлик квоталарды сакташты. Тизмеде катталган талапкерлердин жалпы саны - 1036, алардын ичинен 372 - аялдар (36%), ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендер - 46, улуттук азчылыктардын өкүлдөрү - 189 (18%) жана 35 жашка чейинкилер - 267 адам (26%). БМОлор боюнча жарышка 20 аял (6 пайыз) жана улуттук азчылыктардын 10 өкүлү (3 пайыз) гана катталган. Шайлоого көрсөтүлгөндөн кийин квоталарды сактоо боюнча жоболордун жоктугу алардын натыйжалуулугун төмөндөтүүдө.

БШКга талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо процесстерине байланыштуу үч арыз тапшырылган.[50] БШК, ошондой эле, парламент спикери, Талант Мамытовду, ал спикерлик кызматын калтыра элек болгондугунан, "*Ынтымак"* партиясынын тизмесине каттоодон баш тарткан.[51] Бул чечим кийинчерээк апелляциялык тартипте жокко чыгарылган (*Арыздар жана Даттанууларды көрүңүз*). Шайлоо күнүнө аз калганда БШКга Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттен (УКМК) оппозициялык партиялардын эки талапкери каттоого берген документтеринин жараксыздыгы тууралуу маалымат келип түшкөн.[52] Мыйзамда каттоо документтерин текшерүүдө УКМКнын катышуусу каралган эмес. БШК түшкөн маалыматты эске

---

47 Эгерде талапкерлердин тизмеси же БМО талапкери шайлоо түрүнө жараша, тиешелүү түрдө, 1 пайыз жана 5 пайыз добуш алса, күрөө кайтарылып берилет. 1 евро болжол менен 95 сомго барабар.

48 Мындан тышкары, Шайлоо мыйзамы талапкерлердин тизмеси үчүн дагы бир катар квоталарды киргизет, тизмелеринин катталышы үчүн партиялар бул квоталарды аткарышы керек. Тизмедеги талапкерлердин кеминде 15 пайызы улуттук азчылыктардан; 15 пайызы 35 жаштан кичүүлөр болушу керек. Мыйзам ар бир категория үчүн атайын тизмеде жайгаштыруу талаптарды белгилейт.

49 31 талапкер шайлоо күрөөсүн төлөбөгөндүктөн, үчөө жогорку билими тууралуу диплом тапшырбагандыктан каттала алган жок. Калгандары каттоо башталгандан мурун талапкерлигинен баш тартышкан.

50 Даттануулардын бири шайлоого көрсөтүлгөн партия талапкердин дипломун БШКга тапшырбагандыгына байланыштуу болгон. Дагы эки учурда арызданууучулар катталган талапкерлердин жоюлбаган соттуулугу бар деп ырасташкан. Жоюлбаган соттуулук каттоодон четтетүүгө жетиштүү негиз болуп саналат. БШК ДИАУБ ШБМга талапкерлердин соттуулугу жоюлганын билдирди.

51 Шайлоо мыйзамына киргизилген акыркы өзгөртүүлөр мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин айрым категориялары үчүн кызматтан кетүү же эмгек өргүүсүнө чыгуу милдетин киргизди. БШК бул жаңы талап административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануудан коргоо куралы катары колдонулат деп түшүндүрдү. БШКнын маалыматы боюнча, 136 талапкер мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарын бошотушкан же эмгек өргүүсүнө чыгышкан.

52 УКМК аткаруу бийлигинин курамына кирет жана анын жетекчиси президент тарабынан дайындалат. 1994-жылы кабыл алынган «Улуттук коопсуздук органдары жөнүндө» мыйзамга ылайык (акыркы өзгөртүүлөр 2021-жылдын 22-январында киргизилген) коопсуздук органдары жеке инсандардын, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылат; чет өлкөлүк атайын кызматтардын жана уюмдардын чалгындоо жана диверсиялык иштерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнө, эгемендигине жана аймактык бүтүндүгүнө мыйзамсыз кол салууларды аныктоо, алдын алуу жана жөнгө салуу боюнча иштерди жүргүзөт.

алып, маселе андан ары такталганга чейин чечимин токтото турууну чечти.[53] Бул эки иштин бирөөсү боюнча, 24-ноябрда, Билим берүү Министрлиги тарабынан берилген маалыматтын негизинде БШК бир талапкерди тизмеден чыгарган. Анын тизмеден чыгарылышы боюнча чечим Административдик Сот тарабынан жокко чыгарылган.

## Үгүт чөйрөсү

Үгүт иштери 29-октябрда башталып, 27-ноябрда, шайлоо участкалары ачылганга 24 саат калганда аяктады. Укуктук база бардык атаандаштарга үгүт иштерин жүргүзүүдө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат. Анын сакталышына Шайлоо администрациясы жоопту.

Жалпысынан талапкерлер үгүт иштерин эркин жүргүзө алышты, негизги эркиндиктер сакталды. Каттоодон өткөн талапкер, учурда тергөө абагында кармалган Равшан Жээнбеков үгүт иштерин жүргүзүү үчүн боштондукка чыгаруу өтүнүчү менен кайрылган, бирок сот анын өтүнүчүн канааттандырган жок.[54]

Үгүт иштери жалпысынан тынч маанайда болуп, үгүт иш-чаралары негизинен жеңил жана көйгөйсүз өттү. Бийлик өкүлдөрүнүн "таза" шайлоого чакырышы жана 1-ноябрда жарыяланган Президенттин жарлыгы, анын УКМК жана башкалар тарабынан так аткарылышы, шайлоого кызыкдар тараптарды шайлоого этияттык менен мамиле кылууга жана үгүт иштерин басаңдатууга түрттү.[55] Бул добуштарды сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу сыяктуу үгүт иштериндеги бузууларды алдын алууга оң таасир тийгизген.[56] ДИАУБ ШБМнын маектештери ошондой эле парламенттин күчүнүн алсырашына көңүл буруп, активдүү үгүт иштеринин жоктугун талкуулоодо шайлоочулардын кайдыгерлигин баса белгилешти.[57] Атаандаш партиялар "чынчыл" үгүт иштерин жүргүзүп, добуштарды сатып

---

53 18 жана 19-ноябрда БШК өз жыйындарында "КСДП" жана «Бүтүн Кыргызстан» партияларынан катталган эки талапкердин жогорку билими тууралуу дипломунун жарактуулугу тууралуу УКМКнын маалыматын талкуулады.

54 3-ноябрда сот анын арызын четке кагып, алдын алуу чараларын өзгөртүүгө негиз катары катталган талапкердин статусу каралбагандыгын билдирди. 3-ноябрда сот талапкердин статусун алдын алуу чараларын өзгөртүүгө негиз катары кароого болбойт деп, арызды четке какты. 18-ноябрда С. Жээнбековдун жети атаандашы ага үгүт иштерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берүүнү суранып, БШК төрайымына кайрылышкан.

55 Президент 2021-жылдын 21-октябрында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын республикалык жолугушуусундагы кайрылуусунда кынтыксыз уюштурулган, таза шайлоону өткөрүү ниетин билдирди. 23-октябрдагы маалымат жыйынында ал бир акимди (райондун башчысы) талапкердин кызыкчылыктарын лоббирлөгөндүгү үчүн шайлоонун аягына чейин кызматтан алганын жарыялады, муну ДИАУБ ШБМнын маектештери бардык Кыргызстандын жарандарына эскертүү катары көрүштү. 1-ноябрда президент Жапаров бардык шайлоо комиссияларына, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо мыйзамдарын так сактоону тапшырган жарлыкка кол койду.

56 9-ноябрда Министрлер Кабинетинин Төрагасы "Азаттык" партиясынын 3-ноябрдагы чогулушуна катышууга студенттерди мажбурлап, административдик ресурсту колдонгондугу үчүн Ош шаарынын мэрине жана билим берүү министрине сөгүш берилип, Ош Мамлекеттик Университетинин ректору, деканы жана үч окутуучусу кызматын кыянаттык менен пайдаланган деген жүйө менен кызматынан бошотулганын билдирди. Андан кийинки күнү министрлер кабинетинин төрагасы мамлекеттик кызматкерлерди шайлоо процессине кийлигишпөөгө чакырган. Ошол эле күнү министрлер кабинетинин вице-төрагасы менен УКМКнын төрагасы мамлекеттик кызматкерлерди алар шайлоого кийлигишкен учурда жазалоону убада кылышкан. 14-ноябрда президент Facebook жана Instagram баракчалары аркылуу шайлоочуларга жана талапкерлерге добуш сатып алуу кылмыш жоопкерчилигине тартыларын эскертип, укук коргоо органдарын так жана чечкиндүү чараларды көрүүгө чакырды.

57 2021-жылы Кыргыз Республикасынын жарандары бешке чейин шайлоо процесстерине катышты, алар: мөөнөтүнө чейинки президенттик шайлоо (2021-жылдын январь айы); башкаруу формасы боюнча референдум (2021-ж. январь); конституциялык референдум (апрель, 2021-жыл); жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо (апрель, 2021-жыл); жана Бишкек, Ош, Токмок шаарларында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайталап шайлоо (2021-жылдын июль айы).

алуудан жана административдик ресурсту кыянаттык менен колдонуудан алыс болууга сөз берип, шайлоо жүрүм-турумунун милдеттүү эмес кодексине кол коюшту".[58]

Партиялар жана БМО талапкерлери үгүт иштеринин ар кандай каражаттарын колдонуп, өлкө боюнча бирдей деңгээлде үгүт иш-чараларды өткөрүштү.[59] Алар үгүт иштерин чогулуштар, үйлөрдү кыдыруу, баракчаларды таратуу, плакаттар, билборддор жана салттуу маалымат каражаттары аркылуу жүргүзүшкөн. КОВИД-19 пандемиясы үгүт иштерине тоскоол жараткан жок. Шайлоого катышуучулар Фейсбук, Инстаграм, ВотсАп, Телеграм жана ТикТок сыяктуу социалдык тармактарга ишеними эң жогору болгон.

Партиялар менен талапкерлердин платформалары негизинен саясий класстын алмашуусу, коррупцияга каршы күрөш, экономиканы өнүктүрүү, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана инфраструктура сыяктуу маселелерге багытталган. Жергиликтүү маселелерге да көп көңүл бурулду, бирок, баарынан мурда, сынак инсандык көрсөткүчтөргө негизделген, талапкерлер программада чагылдырылган көз караштар аркылуу өздөрүнүн жеке образын жана сапаттарын баса белгилешти. ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн үгүт иш-чараларынын үгүт дискурсунда аялдардын көрүнүүсүнүн төмөндүгү, гендердик теңчилик жана улуттук азчылыктар маселелери чагылдырылган эмес.

Бир нече партиялар менен БМО талапкерлери ДИАУБ ШБМга каржылоо боюнча чектөөлөр жана үгүт иштерине байланыштуу төлөмдөр банктык которуу жолу менен жүргүзүлүшү керек деген жаңы талап алардын шайлоого чейинки аракеттерин чектеп, жалданган үгүт кызматкерлеринин санына терс таасирин тийгизгенин белгилешти. Финансылык чектөөлөр жана телекөрүүчүлөрдүн азайышы партиялардын салттуу медиада акы төлөнүүчү жарнактарды сатып алуу жөндөмдүүлүгүнө жана даярдыгына өз таасирин тийгизип, социалдык тармактар барган сайын көбүрөөк колдонулган үгүт куралына айланышты. Бир катар БМО талапкерлери жалпы финансылык ресурстарды пайдалануу үчүн партиялардын талапкерлери менен бирге үгүт иштерин жүргүзүштү.[60] Бир нече партиялар, бийликке оппозицияда турган талапкерлердин жеңе ала тургандыгынан шектенип, бул шайлоого ири каржы ресурстарын бөлгүсү келбей тургандыгын билдиришкен.

Бийликтердин чакырыктарына жана эскертүүлөрүнө карабастан, ДИАУБ ШБМ добуштарды сатып алуулар, өзгөчө үй-бүлөлүк тармактар аркылуу сатып алуулар, тууралуу бир нече дооматтарды алган, Ички Иштер Министрлиги (ИИМ) ага кабарланган 21 иш боюнча тергөө иштерин баштаган. ДИАУБ ШБМга ошондой эле белгилүү бир талапкерге белгилүү сандагы добуштарды алуу үчүн мамлекеттик коопсуздуктун жогорку даражалуу кызматкеринин ишенимдүү адамдары тарабынан коркутуп-үркүтүүлөр жана куугунтуктар тууралуу кабарлар келип түшкөн. ИИМ шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча билдирүүлөрдүн үстүндө активдүү иш жүргүзүп, 128 иш боюнча чара көргөн .[61] Бирок үгүт иштеринин эрежесин бузуу

---

58 Документке кол 2021-жылдын 5-ноябрында БШКнын имаратында коюлган.

59 27-ноябрга карата, ДИАУБ ШБМ төмөнкү областтарда 65 үгүт иш-чарасына байкоо жүргүздү – Жалал-Абадда – 17, Ысык-Көлдө – 10, Нарында – 10, Чүйдө – 9, Ошто – 9, Таласта – 7, Баткен – 3. Иш-чараларды төмөнкү партиялар уюштурган: Ата Журт Кыргызстан - 9; Бүтүн Кыргызстан – 9; Эл үмүтү – 6; Ишеним – 4; Азаттык - 3; Альянс – 3; Ата Мекен – 2; Улуттар Биримдиги – 1; Ынтымак – 1; Ыйман Нуру - 1; Бегит – 1. Бир мандаттуу округдарга өзүн өзү көрсөткөн талапкерлер XXX чогулуш өткөрүштү. Бир иш-чараны бир нече партия биригип өткөргөн. АШКларда 11 үгүт иш-чарасы уюштурулган. БМОлордогу талапкерлер болсо 12 иш-чараны өткөрүшкөн.

60 Партиялардын көпчүлүгү популярдуу социалдык тармактарда, атап айтканда, Facebook (19) жана Instagram (18) тармактарында баракча ачышкан. Партиялардын жарымына жакыны өз ишмердүүлүгүн ошол тармактарда активдүү жарнамалап жатышканы менен, эң көп өз ара аракеттенүү жана көрүү үч партиянын (Эл Үмүтү, Ата Мекен жана Алянс) расмий аккаунттарында байкалган.

61 Ички иштер министрлигинин сайтынын 15-ноябрдагы маалыматы боюнча.

фактыларын иликтөөдө жана айрым белгилүү талапкерлери менен алардын жакындарын суракка алууда УКМКнын активдүү ролу кээ бир катышуучуларда коркуу сезимин жаратты.[62]

**Үгүт иштерин каржылоо**

Укуктук база үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындыгын камсыз кылат, бирок көзөмөлдүн кээ бир негизги аспектилери дагы деле жөнгө салынган эмес. Үгүт кампаниялары жеке булактардан каржылана алышат, ал эми түздөн-түз мамлекеттик каржылоо мыйзамда каралбайт.[63] Акыркы мыйзамдык түзөтүүлөр БМОлордогу жеке талапкерлер үчүн каржылоо булактарына жана чыгашаларына чектөөлөрдү киргизди. Мыйзам ошондой эле саясий партиялар үчүн жалпы төгүмдөрдүн чегин да аныктайт.[64] Мыйзамга ылайык, акчалай эмес салымдарды үгүт жана маалымат материалдары үчүн гана кабыл алууга уруксат берилет.[65]

Мыйзамга ылайык, бардык талапкерлер өздөрүнүн үгүт салымдарын жана чыгашаларын башкаруу үчүн атайын банктык эсептерди ачышты. Накталай төлөмдөргө тыюу салынышы жалпы ачык-айкындуулукка шарт түзгөнү менен, БМОнун айрым талапкерлери, айрыкча банк кызматтары кеңири жеткиликтүү эмес аймактарда, бул алардын ишмердүүлүгүн чектеши мүмкүн деп кооптонуусун билдиришти.[66] Көптөгөн ДИАУБ ШБМ маектештери, мыйзамга карабастан, бир топ учурларда накталай акча дагы эле шайлоо алдындагы чыгымдарга төлөө үчүн колдонулганын айтышкан.[67] Ага кошумча, БМОдогу айрым талапкерлер үгүт иштерин каржылоо эрежелеринде каралбаган электрондук төлөм тиркемелери аркылуу каражат чогултушкан.[68]БШК

---

[62] 15-ноябрда УКМК БМОнун талапкери, оппозициялык депутат Дастан Бекешевди (ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам) анын үгүт иш-чараларында жашы жете элек активисттер катышып жатат деген арыз боюнча адвокатсыз төрт сааттык суракка чакырды. 16-ноябрда УКМК Бишкектин Ленин районунун БМО талапкери Камчыбек Жолдошбаевдин тууганын шайлоочуларды сатып алган деген шек менен кармады. Кийинчерээк ал талапкер каттоодон четтетилген. 19-ноябрда талапкер Жаныбек Абиров УКМК аны жашы жете элек активисттер анын үгүт иштерине катышып жатат деген шектин негизинде суракка чакырганын билдирди.

[63] Чет элдик, мамлекеттик же анонимдүү булактардан, диний жана кайрымдуулук уюмдарынан акчалай жардам берүүгө тыюу салынат.

[64] Үгүт салымынын жана чыгашасынын жогорку чеги болуп бүткүл өлкө боюнча, пропорционалдык система боюнча шайлоого катышкан саясий партиялар үчүн 300 миллион сом (болжол менен 3 000 000 евро) жана БМОлор аркылуу катышкан талапкерлер үчүн 10 миллион сом (болжол менен 100 000 евро) болуп белгиленген.

[65] Шайлоо мыйзамынын 62-беренесинин 2-пунктунда шайлоо фонддору акча каражаттарынын эсебинен, ошондой эле БШК тарабынан эске алынган үгүт жана маалымат материалдарынан түзүлүшү мүмкүн деп жазылган. Бирок бул жобонун саясий партияларга гана тиешеси бар. БШК натуралдык түрдөгү салымдар рыноктук баага жараша бааланышы керектигин жана бул салымдар сынактын катышуучуларынын жыйынтыктоочу отчетунда гана чагылдырыла турганын билдирди.

[66] БМО талапкерлеринин шайлоо фонддору төмөнкүлөрдөн каржыланышы мүмкүн: талапкердин жеке каражаттары (150 000 сомдон ашык эмес); талапкерди көрсөткөн саясий партиянын каражаттары (1 миллион сомдон ашык эмес); жарандардын кайрымдуулук каражаттары (бир жаранга 200 000 сомдон ашык эмес); жана юридикалык жактардын кайрымдуулук каражаттары (бир юридикалык жак үчүн 500 000 сомдон ашык эмес). Жалпы республикалык шайлоо округу боюнча шайлоого катышкан саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкүлөрдөн каржыланышы мүмкүн: талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин каражаттары (1,5 миллион сомдон ашык эмес); саясий партиянын каражаттары (100 млн сом); жарандардын кайрымдуулук каражаттары (бир жаранга 200 000 сомдон ашык эмес); жана юридикалык жактардын кайрымдуулук каражаттары (юридикалык жак үчүн 3 млн сомдон ашык эмес).

[67] Мисалы, ДИАУБ ШБМ Каракол шаарында (Ысык-Көл облусу) айрым БМО талапкерлери өздөрүнүн агитаторлоруна накталай акча төлөп, үгүт иштери үчүн кеңсени ижарага алуу үчүн накталай акчаны колдонушат деген маалыматты алгкан. Кочкор-Ата шаарындагы (Жалал-Абад облусу) саясий партия ыктыярчылар таксиге накталай акча менен төлөшөрүн белгилеген.

[68] 28-БМОдо жарышка катышкан талапкер Дастан Бекешев өзүнүн сайтына “Ак-Ниет” саясий партиясынын 4 банк эсебин жана 8 электрондук төлөм арызын жарыялап, анын үгүт иштерине салым кылууга чакырды. Ошо сыяктуу эле, 27-БМОдон талапкер Нурбек Токтакунов өзүнүн сайтында 3 электрондук төлөм тиркемесин жайгаштырып, шайлоочуларды акчалай салымдар аркылуу үгүт иштерин колдоого чакырган.

электрондук төлөм тиркемелери шайлоо эсептерине коюлган талаптарды бузуу үчүн колдонулушу мүмкүн деп тынчсызданусун билдирди.[69]

БШК үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөйт жана үгүт иштеринин кирешелери менен чыгашалары тууралуу маалыматты өзүнүн веб-сайтында үзгүлтүксүз жарыялап турат.[70] Бирок, бул көзөмөл чектелген, ал донорлордун талапка жооп беришин жана үгүт салымдарына чектөөлөр сакталгандыгын гана текшерет, мындан улам анын натыйжалуулугун төмөндөтөт. Беш саясий партия үгүт штерине чыгашалар боюнча алдыга чыгып, калгандарынын бардыгынан эки эсе көп каражат сарптады.[71] Жалпы республикалык бирдиктүү шайлоо округунда бардык саясий партиялар биригип 216 миллион сом салым алып, 182 миллион сом сарпташкан. БМО боюнча бардык талапкерлер биригип 246 миллион сом алып, 195 миллион сом коротушкан.

Партиялар жана БМО талапкерлери шайлоо күнүнө 10 күн калганда бир каржылык отчетту жана шайлоо күнүнөн 10 күн өткөндөн кийин акыркы отчетун берүүгө милдеттүү. 24-ноябрдагы маалыматка карата атаандашкан 1 партия жана 23 БМОнун талапкери алгачкы каржылык отчетун тапшырышкан эмес. Үгүт иштерин каржылоо эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөө үчүн БШКнын текшерүү тобу отчетторду текшерип чыгат. ДИАУБдун буга чейинки сунуштарынан айырмаланып, мыйзам аудиттин кандай жүргүзүлүшү керектигин алдын ала караштырбайт жана өнөктүктү каржылоо боюнча ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугун төмөндөтүүчү аудиттин жыйынтыктарын жарыялоону талап кылбайт.[72]

Жалпысынан үгүт иштерин каржылоонун ачык-айкындыгы жетишсиз болуп, жаңы каржылоо жолдорун жөнгө сала турган так ченемдер иштелип чыккан эмес.[73] Шайлоо мыйзамы каржылоо булактарын ачыкка чыгарууну талап кылбайт.[74] Мыйзам ошондой эле үгүт иштерин каржылоо эрежелерин бузуулар үчүн пропорционалдуу санкцияларды караштырбайт. Мындан тышкары, ДИАУБдун буга чейинки сунуштарына карабастан, саясий партиялардан жылдык финансылык отчетту тапшыруусу талап кылынбайт.[75] Бул шайлоо иштерин каржылоонун жалпы ачыктыгына,

---

69 15-ноябрда БШК шайлоо фонддору аркылуу эмес жүргүзүлгөн накталай жана накталай эмес төлөмдөрдү мыйзамсыз колдонууну алдын алууну мүмкүн кылган ыкмаларды аныктоо максатында банктардын, финансы-кредиттик мекемелердин жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен коомдук талкуу өткөрдү.

70 Мамлекетке таандык *РСК банк* жана *Айыл банк* шайлоо фонддору үчүн атайын банктык эсептерди ачууга укуктуу. Маалыматтарды берүүнү жеңилдетүү үчүн алардын маалыматтык системалары БШК менен интеграцияланган. БШК бардык 21 саясий партия жана БМОдогу 313 талапкер боюнча маалымат жарыялады, бирок каттоодон четтетүүдөн кийин БМОдогу талапкерлердин жалпы саны азайган.

71 Биригип 118,6 миллион сом: "Ынтымак" – 27 миллион сом, "Альянс" – 25 миллион сом, "Ишеним" – 32 миллион сом, "Эл үмүтү" – 18,6 миллион сом, "Ата Журт Кыргызстан" – 16 миллион сом.

72 2020-жылдагы ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын Саясий партияларды жөнгө салуу боюнча биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн 278-пунктунда (Биргелешкен көрсөтмөлөр): "[…] мыйзамдарда аудит процессинин бардык кадамдары так көрсөтүлүшү керек" - деп айтылат. 2015-жылдагы ДИАУБнын Үгүт иштерин каржылоого байкоо жүргүзүү үчүн колдонмосунун 6-бөлүмүн дагы көрүңүз. БШК 2021-жылдагы акыркы президенттик шайлоо боюнча аудитти жарыялаган эмес.

73 БУУнун Коррупцияга каршы Конвенциясынын 7.3-беренеси "шайлануучу мамлекеттик кызматка талапкерлерди каржылоонун ачык-айкындуулугун жогорулатуу үчүн... тиешелүү мыйзамдык жана административдик чараларды" көрүүнү тапшырат.

74 Шайлоо процесстери учурунда административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдаланууну алдын алуу жана ага чара көрүү боюнча 2016-жылдагы ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын биргелешкен көрсөтмөлөрүнүн II.B.2.2.3-бөлүмүндө: "Айкындуулукту камсыз кылуу үчүн, саясий партиялардан жана талапкерлерден үгүт өнөктүгүнүн бардык каржылоо транзакцияларынын келип чыгышы жана максаттары тууралуу отчет берүүгө милдеттүү болушу керек […]" – деп айтылат.

75 Биргелешкен Көрсөтмөлөрдүн 265-пунктунда: "Саясий партиялар үгүт иштеринен тышкары убакта, жок дегенде жыл сайын, тиешелүү жөнгө салуучу органга ачыкка чыгаруу боюнча отчетторду берүүгө милдеттүү" деп айтылат.

айрыкча шайлоого катышпаган саясий партия талапкерге салым кылган учурларда тоскоолдук жаратат.[76]

## Массалык ммалымат каражаттары

ММК чөйрөсү ар түрдүү жана бир нече көз карандысыз булактардан турат. Ага карабастан, чөйрө каржылоонун жетишсиздиги, кесипкөй журналисттик стандарттардын начарлыгы жана журналисттер белгилүү бир көз карашты чагылдыруу үчүн акы күтүү практикасы менен мүнөздөлөт. Телекөрсөтүү учурда маалыматтын негизги булагы бойдон калууда, андан кийинки орунду таасири күчөп жаткан онлайн ММКлар жана социалдык тармактар ээлейт. Эң көп чагылдырууга жана көрүүчүлөрдүн санына Коомдук телерадио корпорациясы (*КТРК)* ээ. Бирок, 2021-жылдын февраль айында президент тарабынан демилгеленген мыйзамдык кароонун алкагында киргизилген сунушка ылайык каналдын статусу коомдуктан мамлекеттик статуска өзгөртүлүп, башкаруучу кызматтарды президент дайындайт.[77]

Конституция сөз эркиндигине, маалыматка жетүүгө кепилдик берет, цензурага тыюу салат жана ошондой эле жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга жол бербейт. Бирок Конституцияда жана бир катар мыйзам актыларында сөз эркиндигин чектөөгө шарт түзгөн, өтө кеңири жана так эмес жоболор камтылган.[78] Мындан тышкары, 2021-жылы кабыл алынган «Так эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө" мыйзамда, 2020-жылкы мыйзам ЖМК эркиндиги маселелери боюнча ЕККУнун Өкүлү (ЖЭӨ) тарабынан сөз эркиндигин чектөө үчүн колдонулушу мүмкүн так эместиктерди камтыгандыгы үчүн сынга алынганына карабастан, ал долбоордун редакциясы сакталган.[79]

ДИАУБ ШБМнын бир нече маектештери өткөн жылдын ичинде бир катар медиа адистерин жана жарандык коомдун өкүлдөрүн шектүү негиздер боюнча расмий эмес суракка чакырган УКМКнын ишмердигине байланыштуу тынчсызданусун билдиришкен. Жалпылап айтканда, мыйзамдын так эместиги, мындай укук коргоо ыкмаларын колдонуу менен айкалышта, өзүн-өзү цензуралоого алып келиши мүмкүн жана иликтөөчүлүк менен сындоочу отчеттуулукка терс таасир тийгизет.

---

76 Мисалы, "Ак-Ниет" саясий партиясы талапкер Дастан Бекешевге 159 миң 900 сом салым берген. "Ак-Ниет" саясий партиясы шайлоого катышкан жок. Мыйзамда, салык органына жыл сайын салык отчетун тапшыруудан сырткары, шайлоо кампаниясын каржылоо боюнча отчеттуулукка талаптар жок.

77 29-октябрда жергиликтүү ММК уюмдары жана адистери, башкаларга кошумча телерадиокомпаниянын Байкоочу кеңешин жоюу жана башкаруучу дайындоолорду парламенттен президентке өткөрүүнү камтыган, сунушуна каршы чыгышты.

78 2021-жылдын мартында Венеция комиссиясы жана ДИАУБ Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча Биргелешкен корутундусунда өсүп келе жаткан муунду коргоого же «Кыргыз Республикасынын элинин моралдык-этикалык баалуулуктарына жана коомдук аң-сезимине» шилтемени толугу менен алып салууну сунуштады. Булар "сөз эркиндигин жана ММКларды (мүмкүн башка эркиндиктерди) чектөө үчүн потенциалдуу негиз катары колдонулушу мүмкүн болгондуктан жана аларга өтө кенен жана так эмес түшүндүрмө берилгенидигинен юридикалык аныктык принцибине жооп берүүсү татаал көрүнөт". 2021-жылдын октябрында ЖЭӨ өз билдирүүсүндө "Бириккен Улуттар Уюмунун Универсалдуу мезгилдүү серебинин сунуштары Кылмыш-жаза кодексинин расалык, этникалык, диний жана башка кастыкты козутуу боюнча 313-беренесин Бириккен Улуттар Уюмунун Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын 19 жана 20-беренелерине ылайык карап чыгууга багытталган" деп белгиледи.

79 ЖЭӨ өзүнүн 2020-жылдын июнь айындагы билдирүүсүндө: «Түшүнүксүз юридикалык аныктамалар ММКларга жана социалдык медиа колдонуучуларына алардын иштеринин ыктымал терс натыйжасын алдын ала көрүү үчүн зарыл болгон юридикалык аныктуулукту камсыз кыла албайт», - деп тынчсызданусун билдирди. Мындан тышкары, так механизм жана тийиштүү процесс жок болгон учурда, "ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган" тарабынан онлайн-контенттин жөнгө салынышы, сөз эркиндигин олуттуу чектөөгө алып келиши мүмкүн.

Мыйзамга ылайык, мамлекет тарабынан каржыланган ММКлар катталган партиялар (жалпы улуттук телерадиоберүүчүлөр) жана БМОдогу (аймактык телерадиоберүүчүлөр) жеке талапкерлер үчүн бекер эфир убактысын бөлүп беришкен. Үч улуттук телеканал, алардын ичинде эң популярдуу болуп саналган *КТРК* жана сегиз аймактык канал БШКнын лотереясы аркылуу акысыз эфирдик убакытты бөлүшкөн (ал негизинен жеке билдирүүлөр менен дебаттардан турган.[80] Жалпысынан 243, көпчүлүгү онлайн болгон, медиа мекеме, акы төлөнүүчү жарнама үчүн убакыт менен мейкиндикти сунуштоо үчүн БШК тарабынан аккредитацияланган болсо, ДИАУБ ШБМ бул мүмкүнчүлүктү бир нече партиялар менен талапкерлер гана (мамлекет тарабынан каржыланган *КТРК* менен жеке *7-Канал* аларды жаңылык учурда да эфирден көрсөткөн) пайдаланганы тууралуу маалымат алды. Анын ордуна, алар үгүт иштерин ар кайсы социалдык тармактар аркылуу жүргүзүүнү чечишкен.

Мамлекетте ММКларды жөнгө салуучу эч кандай орган жок, Маалымдоо жана Үгүттөө боюнча Жумушчу Топ массалык маалымдоо каражаттарына жана жана үгүт иштеринде эрежелердин сакталышына көзөмөлдөө жүргүзүү үчүн кеңешчи топ катары БШК тарабынан түзүлгөн.[81] Жумушчу топтун ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүзгөн отурумдарында (жалпысынан 83 даттануу тапшырылган) талкуудан кийин арыздардын көбүнө айып салынган (33) же эскертүү берилген (26).

Шайлоо мыйзамы ММКлардан шайлоонун катышуучуларына бирдей мамиле кылууну талап кылат, атаандаштарга акысыз эфир убактысын, анын ичинде дебат учурунда, башка атаандаштарын сынга алуу үчүн пайдаланууга жол берилбейт; жана БШКга мыйзам бузуулар аныкталган учурда ММКлардын акы төлөнүүчү жарнактарга аккредитациясын жокко чыгарууга уруксат берет. БШКнын мыйзамды тар жана чектелүү чечмелөөсү, маалымат каражаттарынын үгүт иштерин чагылдырбоону чечиши жана БШКнын аккредитациясынан ажырап калуу коркунучу шайлоо иштеринин жаңылыктарда жана редакциялык чагылдырылышына терс таасирин тийгизди.[82] Көпчүлүк ММКлар шайлоонун катышуучуларынын үгүт иштери тууралуу минималдуу гана маалыматты беришкен, ал маалымат *де-факто* БШК жана УКМК тарабынан билдирилген мыйзам бузуу фактылары менен чектелген. Расмий үгүт убагында сынчыл жана аналитикалык репортаждар, бир нече онлайн ММКларды эске албаганда, жокко эсе болгон, бул шайлоочулардын негизделген тандоо жасоо мүмкүнчүлүгүн чектеген.

22-октябрда ДИАУБ ШБМ ММКларга мониторинг жүргүзүүнү баштады.[83] Анын жайынтыктары көрсөткөндөй, жалпыга маалымдоо каражаттары жарыштын катышуучуларынын ишмердүүлүгүнүн ордуна, негизинен, Президенттин, анын администрациясынын, Министрлер Кабинетинин, жана башка мамлекеттик бийлик органдары менен күч структураларынын аракеттерин кеңири чагылдырышкан. Мисалы, мамлекет тарабынан каржыланган

80 Жалпы улуттук КТРК каналы партия өкүлдөрү (10) менен дебаттарды көрсөткөн болсо, ЭлТР партиялардын аял жана жаш өкүлдөрү менен дебаттарды көрсөттү. Дебаттарга Бүтүн Кыргызстан партиясынан башка, жалпы улуттук шайлоого көрсөтүлгөн партиялардын бардыгы, ал эми БМО талапкерлеринин 70ке жакын пайызы гана катышты. Эки жеке областтык канал (Ошто жайгашкан Нур ТВ жана ТМГ ТВ) да дебаттарды уюштурушту.

81 Миссия 19-октябрда ачылгандан бери 12 отурум өткөрүлдү, алардын 9уна ДИАУБ ШБМ байкоо жүргүздү.

82 БШК мүчөлөрү 1 жана 6-ноябрда өткөн ДИАУБ ШБМ менен жолугушууларында тең укуктуулук принциби катуу сакталбаган учурда, жарыштын катышуучуларын жаңылыктар программаларында чагылдыруу үгүт катары каралышы мүмкүн деген ойду билдиришти. ДИАУБ ШБМдин бир катар маектештери да БШКнын позициясын ушундай түшүнөрүн айтышты.

83 ДИАУБ ШБМнын сандык жана сапаттык мониторингинде жалпы республикалык *КТРК, ЭлТР, 5-канал* (мамлекеттик), *7-канал, НТС* (жеке) телеканалдарынын прайм-тайм режиминдеги берүүлөрү; *Биринчи радионун* (мамлекет тарабынан каржыланат) маалымат программалары, *akipress.kg, azattyk.kg* (Азаттыктын жергиликтүү кызматы), *kaktus.media, kloop.kg, sputnik.kg* (Спутниктин жергиликтүү кызматы) онлайн сайттарынын саясатка байланышкан контенттери ), *24.kg* жана ошондой эле социалдык түйүндөрдөгү шайлоо тууралуу материалдар каралган.

*КТРК* жана *ЭлТР* президентке жана анын администрациясына эфирдин 55 жана 53 пайызын, тиешелүү түрдө, арнаган. Анын иш сапарларын жана ар түрдүү иш чараларды, анын ичинде 16-ноябрда биринчи отуруму өткөн Коррупцияга каршы күрөш боюнча кеңешти жалаң оң жана нейтралдуу маанайда чагылдырган. Мамлекет тарабынан каржыланган 5-канал жана Биринчи Радио ушуга окшош мамилени көрсөтүшкөн. Ага тескерисинче, *НТС* жана кээ бир интернет ММКлар (*Азаттык, 24.kg, Клооп* жана *Кактус Медиа*) бийликтегилерди сынчыл көз караш менен көрсөтүштү. Бирок, алар да жарыштын катышуучуларын чектелүү гана чагылдырышкан. КТРК менен ЭлТР мамлекеттик каналдары, салыштырмалуу партиялар менен талапкерлерге эфирдин 3 жана 2 пайызын, тиешелүү түрдө арнаган. Ошол эле учурда, шайлоолор жөнүндө маалымат берүүдө мониторингге алынган ММКлар БШКга жана процесстин процедуралык аспектилерине олуттуу чагылдырууну камсыз кылышты.

**Арыздар жана даттануулар**

Укуктук негиз натыйжалуу укук коргоонун жеткиликтүүлүгүн камсыздайт, бирок, акыйкат шайлоо тажрыйбасына каршы, шайлоонун жыйынтыктарына айрым талапкерлер, саясий партиялар жана алардын ишенимдүү адамдары гана арыз жасай алышат.[84] Шайлоого байланыштуу бардык башка даттануулар шайлоочулар, саясий партиялар жана талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар тарабынан берилиши мүмкүн.[85]

БШК акыркы 5 жуманын ичинде 30 ачык отурумунда жалпысынан 142 даттанууну карап чыккан. Кайрылуулардын көбү үгүт иштеринин эрежелерин бузууга, анын ичинде 42 добуш сатып алуу боюнча жана 31 административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу боюнча болгон. Арыздарды кароо боюнча отурмдар коллегиалдуу болуп, комитет мүчөлөрү маселелерди талкуулап, өздөрүнүн сунуштарын добушка коюшту. БШКдагы даттануулар боюнча талкуулар коомчулук менен ММКлар үчүн ачык болуп, бардык арызденуучулар жана башка тараптар өз пикирин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алышты. БШК мүчөлөрү талкууга чейин арыздар менен тааныша алышты. Ошол эле учурда БШКнын “үгүт иштери” эмнеден түзүлөөрүн түшүнүгүндө, кээде үгүт иштерине өтө кеңири мамиле кылынып, кээ бир учурларда үгүт иштерин тар аныкталып, сөз эркиндигине ар дайым шарт түзгөн эмес.[86] БШК үгүт иштеринин эрежелерин бузгандыгы үчүн, анын ичинде мөөнөтүнөн мурда үгүт иштерин жүргүзгөндүгү үчүн 22 жазуу түрүндө эскертүү жана 29 айып пул салган.[87]

---

[84] Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча акыйкат тажрыйбалар кодексинин II.3.3f бөлүмүндө “Тийиштүү шайлоо округунда катталган бардык талапкерлер жана шайлоочулар даттанууга укуктуу болушу керек. Шайлоочулардын шайлоонун натыйжалары боюнча даттануусу үчүн негиздүү кворум түзүлүшү мүмкүн».

[85] Шайлоо комиссияларына жана сотторго түшкөн арыздар жана даттануулар, алардын ичинде шайлоонун натыйжалары боюнча даттануулар, үч күндүн ичинде берилип, үч күндүн ичинде чечилиши керек, ал эми кошумча иликтөө талап кылынган учурда, алар беш күндүн ичинде чечилүүгө тийиш. Жогорку сотко жиберилген арыздар беш күндүн ичинде каралышы керек.

[86] БШК депутаттардын бирине “Мен чындыкты гана айтууга жана жарандардын кызыкчылыгын коргоого кепилдик берем” деген сөздү колдонуу боюнча эскертүү жасады. БШК бул билдирүүнү депутаттын профессионалдык ишмердүүлүгүнө байланышы жок жана мөөнөтүнөн мурда үгүттөө катары баалады. БШКнын маалымат берүү жана үгүт иштери боюнча жумушчу тобу блоггердин партиялардын биринин Оштогу чогулушун чагылдыруусу тууралуу “Азаттык” партиясынын арызын четке какты, бирок айрым комитет мүчөлөрү оозеки түрдө блоггерге мындай иш-аракеттерди улантпоону сунушташкан.

[87] Талапкерлер, саясий партиялар жана алардын ишенимдүү адамдары үгүт иштеринде чет өлкөлүк расмий кызматкерлердин сүрөттөрүн, ошондой эле диний символдорду пайдалангандыгы, жашы жете электердин үгүт иштерине катышуусу, уруксат берилбеген жерлерде үгүт иштерин жүргүзгөндүгү жана административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн жаза алышыты.

БШК өзүнүн веб-сайтында арыздардын онлайн реестрин жүргүзгөн, бул шайлоо талаш-тартыштарын чечүүнүн ачыктыгына шарт түзгөн. Реестрге шайлоо күнүнө чейин 179 даттануу киргизилген.[88] Бирок, ДИАУБ ШБМ айрым учурларда даттануулар БШКнын реестрине өз убагында жарыяланбагандыгын жана андан кийин БШК тарабынан олуттуу кечигүү менен каралып чыккандыгын байкаган. БШК даттанууларды кароо мөөнөттөрү укук коргоо органдарынын жооптору кечиктирилгендигинен улам гана жылдырылды деп ырастаса, ДИАУБ ШБМ арыздарды кароонун кечеңдетүүлөрү жалгыз гана укук коргоо органдарынын аракетсиздиги менен байланыштуу эмес болгондугун белгиледи. [89] Андан тышкары, БШКнын даттануулар боюнча чечимдеринин көбү мыйзам боюнча 24 сааттын ичинде жарыялануусу керек деген милдеттемеге карабастан, веб-сайтта өз убагында жарыяланган эмес.

БШК арыздарды талкуулоо үчүн дагы бир жумушчу тобун түздү. Топ, кийин БШКнын бардык мүчөлөрү тарабынан каралып чыккан кеңеш катарында, корутундуларды берген мүчөлөр менен кызматкерлерден турат. ДИАУБ ШБМ Жумушчу топтун отурумдары тууралуу маалымат алган жок, жана ошондой эле, бир нече өтүнүчтөргө карабастан, алардын талкуусуна байкоо жүргүзүүгө чакырылган эмес. БШК ошондой эле шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнөн, прокуратуранын, милициянын жана УКМКнын өкүлдөрүнөн турган Ыкчам аракеттенүү тобун түздү.[90] Шайлоо күнүнө чейин бул топ 106 арызды жана билдирүүнү кабыл алган.[91] Прокуратура ДИАУБ ШБМга 41 тергөө иши жүрүп жатканын билдирди; Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу жана добуштарды сатып алуу боюнча 4 ишти кошкондо, жалпысы 15 иш сотторго жөнөтүлгөн. Ыкчам аракеттенүү топтору УШКнын деңгээлинде да түзүлдү. Ыкчам аракеттенүү топторунун активдүү катышуусу жана алардын өз демилгеси менен шайлоодогу мыйзам бузууларга мониторинг жүргүзүүсү укук коргоо органдарынын мыйзам бузууларды жоюу боюнча активдүү аракеттерин чагылдырды. Ошол эле учурда кээ бир аймактык ыкчам аракеттенүүчү топтордун калыстыгы да суроолорду туудурду. [92]

Бишкек шаарынын административдик сотуна БШКнын чечимдерине 13 даттануу түшкөн.[93] Сот талапкерлер болууну каалагандардын белгиленген мөөнөттөн кийин берген каттоо документтерин четке кагуу боюнча эки чечимди кабыл алды. Административдик сот Парламент спикери Мамытовду каттоодон четтетүү боюнча БШКнын чечимин жокко чыгарган. [94] Соттун чечимине БШКнын даттануусу БШК өкүлүүн ишеним каты талаптагыдай жол-жоболоштурулган эмес деген жүйө менен канааттандырылуусуз калтырылган.[95] Бишкек шаарынын административдик сотунун 16 чечиминин 9у Жогорку сот тарабынан, акыйкаттуу тажрыйбага жатпаган, иштин маңызы каралбаган, шектүү процессуалдык негиздер боюнча жокко чыгарылган. [96]

---

88 Аларга укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилген иштер да кирет.

89 Мисалы, үгүт иштери боюнча арыз 30-октябрда өткөрүлүп, бирок БШК тарабынан 13-ноябрда гана каралган. Айрым партиялар квота талаптарын бузгандыгы жөнүндөгү арыз БШКга 11-ноябрда келип түшкөн, бирок арыз да, ал боюнча БШКнын чечими да БШКнын сайтында жарыяланган эмес. БШКнын арыз боюнча аракетсиздиги боюнча бир даттануу жасалган. Даттануу процессуалдык негиздерден улам кароосуз калтырылган.

90 Жумушчу топтун негизги милдети – арыздарды укук коргоо органдарына жөнөтүүнү же жөнөтпөөнү чечүү.

91 Бул санга прокуратурага жана милицияга түшкөн арыздар менен билдирүүлөр да кирет.

92 Белгилей кетсек, Жалал-Абад облусунун бир катар талапкерлери ал аймактагы укук коргоо органдарынын калыстыгына тынчсызданuусун билдиришти.

93 Административдик сот ДИАУБ ШБМ менен жолугушуудан баш тартты.

94 Шайлоо мыйзамы депутаттарды шайлоого катышуу үчүн мандатын тапшыруу талабынан бошотот. Административдик сот бул бошотуу парламент спикеринин кызматына да колдонулушу керек деп чечим чыгарды.

95 БШК буга чейинки соттук отурумдарда да ушул документ колдонулганын айтып, Соттор кеңешине арыз жолдогон.

96 Шайлоо маселелеринде акыйкаттуу тажрыйбанын кодексинде айрыкча саясий сезимтал учурларда формализмди жоюу жана жол берилгис чечимдерди кабыл алуудан алыс болуу зарыл деп айтылат.

Административдик сот «*Клооп Медиа*» бейөкмөт уюмунун БШКнын кайрылуусуна байкоо жүргүзүү жөнүндө арызынын мазмунун караштырган жок.[97] Сот расмий чечим болуп саналбаган, БШКнын катына даттанууга болбойт деген жүйө келтирди. [98] Сот андан ары чечимин төлөм тапшырмасынын көчүрмөсү даттануучу соттук алымды төлөгөндүгүн тастыктоо үчүн жетиштүү далил боло албайт деп негиздеди. [99] Соттордун шайлоого байланыштуу иштер боюнча чечим чыгарууну каалабагандыгы жана БШКнын даттанууларды кароо мөөнөтүн узартуу көп учурда шайлоого кызыкдар тараптардын укуктарынын бузулушуна каршы натыйжалуу жана өз убагында чара көрүү укугун бузган.[100]

2021-жылкы Конституциянын негизинде Конституциялык сот түзүлгөн. Анын курамына Жогорку соттун мурдагы Конституциялык палатасында иштеген судьялар кирген. [101] Конституциялык Сотко 20дай арыз келип түшкөн, алардын арасында үчөө талапкерликке коюлган талаптардын конституциялуулугу боюнча арыздар болгон. 30-сентябрда кабыл алынган Конституциялык сот жөнүндө мыйзамга президент 15-ноябрда гана кол коюп, мыйзамдардын конституциялуулугун текшерүүнү кечеңдеткен. Көптөгөн ДИАУБ ШБМ маектештери кечиктирүүнү аткаруу бийлигинин сот системасына тийгизген таасиринин кошумча белгиси деп санап, шайлоо талаш-тартыштарын соттордо кароосуна ишенимдин төмөн болгондугун билдиришти. Бардык деңгээлдеги сотторду дайындоодо президенттин жаңы чечүүчү ролу мындан ары соттордун көз карандысыздыгына жана бийликтин бөлүштүрүлүшүнө шек келтирет.[102]

## Улуттук азчылыктардын катышуусу

Кыргыз Республикасынын калкы ар кандай этникалык топтордон турат. Расмий статистикага жараша, этникалык азчылыктар жалпы калктын 26 пайызын түзөт.[103] 2021-жылкы Конституция бардык жарандардын тең укуктуулугун кепилдеп, улутуна карап басмырлоого жол бербейт. Бирок, ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын сунуштарына карабастан, ал саясий партияларды улуттук негизде түзүүгө тыюу салат.

Этникалык азчылыктын талапкерлери БМОлордо да, партиялык тизме боюнча да катталып, азчылыктар жыш отурукташкан конуштардагы үгүт иштерине катышты. Үгүт иштери жүрүп

97 *Клооп медиага* мындан ары байкоо жүргүзүүгө укугу жок экендиги тууралуу маалымат расмий чечим эмес, кат аркылуу берилген.

98 Шайлоо мыйзамына ылайык, шайлоо комиссияларынын чечимдерине гана эмес, аракеттерине жана аракетсиздигине да даттанууга болот.

99 Соттук жыйымды төлөө даттанууларды кабыл алуунун критерийлеринин бири болуп эсептелинет.

100 ЕККУнун 1990-жылдагы Копенгаген Документинин 5.10-пунктунда: ар бир адам негизги укуктардын сакталышын жана укуктук бүтүндүгүн камсыз кылуу үчүн административдик чечимдерди кайтаруунун эффективдүү каражатына ээ болот - деп жазылган. МКБКнын 2.3-беренеси ар бир мамлекеттен “укуктары же эркиндиктери... бузулган ар бир адам коргоонун эффективдүү каражатына ээ болушун” жана “компетенттүү органдар мындай укук коргоо чараларын берген учурда колдонууну” камсыз кылуусун талап кылат.

101 Конституция жөнүндө мыйзамда Конституциялык палатанын судьялары Конституциялык соттун судьясы катары өз ыйгарым укуктарын аткаруусу каралган.

102 Биргелешкен корутундуда соттордун көз карандысыздыгына мүмкүн болгон кол салуулар негизги кооптонуулардын бири катары аталып, «ал Кыргыз Республикасындагы бийликтердин бөлүнүшүнө жана мыйзамдуулуктун бузулушуна реалдуу коркунуч жаратат» деп белгиленген.

103 Улуттук азчылык топторуна: этникалык өзбектер (958400 же 14,8%), орустар (341350 же 5,3%), дунгандар (75400 же 1,1%), уйгурлар (60210 же 0,9%), жана ошондой эле тажиктер, казактар, татарлар, украиндер, корейлер, жана Месхет түрктөрү кирет. Эң ири азчылык жамааты болуп этникалык өзбектер болуп саналат, алар негизинен Ош жана Жалал-Абад облустарында жашашат жана ал областтардын калкынын 28 жана 24 пайызын түзүшөт.

жаткан мезгилде бир дунган жана үч өзбек улутундагы талапкер жарыштан чыгып кетишкен. [104] Азчылыктын талапкерлери мамлекеттик (кыргыз), расмий (орус) жана өзбек тилдеринде үгүт иштерин жүргүзүшкөн, бирок этностор аралык мамилелерге байланышкан маселелер алардын программаларында өзгөчө көңүл менен каралган эмес. БШК тарабынан даярдалган шайлоочуларды маалымдоо материалдары өзбек коомчулугу отурукташкан аймактарда кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде басылып чыкты.

8-ноябрда укук коргоо органдары тарабынан «Эл үмүтү» партиясынын тизмесиндеги өзбек улутундагы талапкердин өзбек тилинде үгүт жүргүзүүсүнүн мыйзамдуулугу боюнча иликтөө башталган.[105]

## Коомдук жана эл аралык байкоочулар

Шайлоо мыйзамы шайлоо жараянынын бардык баскычтарына саясий партиялар, жарандык коом уюмдары жана эл аралык байкоочулар, ошондой эле биринчи жолу БМО аркылуу катышкан талапкерлердин өкүлдөрү тарабынан байкоо жүргүзүүнү камсыздайт. [106] БШК коомдук байкоочуларды шайлоо күнүнө үч ай калганга чейин каттоо жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизип, мыйзамда көрсөтүлбөгөн жаңы талаптарды киргизди. Аларга шайлоо мыйзамдары, шайлоолор же адам укуктарын коргоо боюнча адистикке ээ болуу жана уюмдун уставында мониторинг жүргүзүү боюнча чечим кабыл алуу жол-жобосунун болушу боюнча талаптар кирет. [107] Бул жаңы талаптар жарандык коомдун шайлоо процессине байкоочу катары катышуусуна тоскоол жаратат. Андан тышкары, ДИАУБ ШБМдин айрым маектештери «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамга жакында киргизилген өзгөртүүлөр жарандык коом уюмдарынын ишмердүүлүгүнө тоскоол болушу мүмкүн деген кооптонуусун билдиришти. [108]

---

[104] Жалпы сан боюнча шайлоого улуттук азчылыктын 81 өкүлү талапкери катары катышкан (алардын 14ү БМОлор боюнча, 67си партиялык тизме боюнча ат салышкан). Бул азчылыктардын талапкерлер бардык талапкерлердин 5,7 пайызын ээлегендигин көрсөтөт.

[105] Оштогу 7-АШК. Тергөөнүн башталышынан кийин айрым маектештер социалдык түйүндөрдөгү улутчулдук риторика фактылары тууралуу ДИАУБ ШБМга билдирүү жасашты.

[106] Бул укук БМОлордогу талапкерлерине да тиешелүү экендиги түшүнүктүү болгону менен, шайлоо мыйзамы муну ачык чагылдыруу үчүн өзгөртүлгөн эмес.

[107] Шайлоо мыйзамынын 10-1.1-беренесине ылайык, "Коммерциялык эмес уюмдар өздөрүнүн уставдарында белгиленген тартипте шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышуу жана өз байкоочуларын жиберүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу". БШКнын жобосунун 2.1-пунктунда "шайлоо мыйзамдары, шайлоолор, жана ошондой эле адам укуктарын коргоо жаатында адистешкен" коммерциялык эмес уюмдар шайлоого байкоо жүргүзө алат деп жазылган.

[108] Түзөтүүлөр каржылык отчеттуулугуна каржылоо булактарын ачыкка чыгарууну талап кылган жаңы талаптарды киргизди. Айрым БӨУлар бул талаптар алардын донорлорун тобокелге салышы мүмкүн деп эсептешет. Финансылык отчеттуулуктун толук жол-жоболору жарыялана элек болгондуктан, түзөтүүлөрдүн мындан аркы кесепеттери тууралуу да белгисиздик жаралган. Белгилей кетсек, Конституциянын 8-беренесинин 4-пунктунда "коомдук бирикмелер өздөрүнүн финансылык жана экономикалык иштеринин ачык-айкындуулугун камсыз кылууга милдеттүү" деп да талап кылынат. 2015-жылдагы ДИАУБ менен Венеция комиссиясынын биригүү эркиндиги боюнча биргелешкен колдонмолорунун 224-пунктунда: "бирикмелердин ички иштерине мамлекеттин кийлигишүүсүнөн эркин болуу укугунан улам, эл аралык жана региондук келишимдерде бирикмелердин ички ишинин ачыктыгынын зарылдыгы так бекитилбеген. Бирок ачык-айкындуулук отчеттуулукту жана элдин ишенимин орнотуунун негизин түзөт. Мамлекет бирикмелерден отчеттуулугун жана ачык-айкындугун талап кылбайт, бирок аларды кубаттап, көмөктөшөт». ьуга кошумча 2021-жылдын мартындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоору боюнча биргелешкен корутундунун 137-пунктун караңыз.

5-ноябрда БШК «*Клооп Медиа»* бейөкмөт уюмуна, мыйзамга ылайык, ал шайлоого, шайлоо мыйзамдарына же адам укуктарын коргоого адистешкен эмес экендигин билдирген.[109] *Клооп Медиа* бул катты каттоодон четтетүү катары кабыл алып, административдик сотко арыз менен кайрылган.

коомдук байкоочулар шайлоо күнүнө чейин аккредитациялана алышат.[110] Жалпы республикалык бирдиктүү шайлоо округунда ат салган талапкерлер менен саясий партиялар төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссиясына экиге чейин, ал эми жарандык коом үчкө чейин байкоочуларды дайындай алат. Партиялар менен талапкерлердин байкоочулары шайлоо администрациясынын чечимдерине, аракеттерине жана аракетсиздигине даттана алышат, бирок мыйзам бул укукту коомдук байкоочуларга бербейт.

**Шайлоо күнү**

Шайлоо күнү тынч маанайда өттү. БШК жарыялаган маалымат боюнча шайлоочулардын жалпы катышуусу 34,6 пайызды түздү. БШК өз сайтына добуш берүү аяктагандан кийин, электрондук эсептөөнүн негизинде, ар бир шайлоо участкасы боюнча алдын ала жыйынтыктарды жарыялай баштаган. Бирок, БШК алдын ала жыйынтык көрсөтүлгөн веб-баракчаны, өз билдирүүсү боюнча, техникалык мүчүлүштүктөрдөн улам кыска убакытка өчүрүп салган.

Байкоо жүргүзүлгөн 139 шайлоо участогуун 4өөсүнөн башкасында, участоктордун ачылышына оң баа берилген. Кээ бир процедуралык мүчүлүштүктөр орун алгандыгы белгиленди, мисалы, УШКнын мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү үчүн чүчү кулак кармабоо (22 учур) жана мобилдүү добуш берүү аркылуу добуш берген шайлоочуларды шайлоочулардын тизмесинде белгилебөө (12 учур) байкалган. 24 учурда УШКлар бюллетень сканерин орнотууда кыйынчылыктарга дуушар болушкан. ШБЭМдин байкоочулары ошондой эле 44 шайлоо участогун ачууда 15 мүнөткө чейин кечигүүлөр болгондугун билдиришти.

ШБЭМдин байкоочулары добуш берүү процессине 1054 байкоонун 96 пайызында оң баа беришкен. Байкоого алынган шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө шайлоо процедуралары сакталган, бирок алардын 16 пайызында урналарга талаптагыдай мөөр басылган эмес. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 95 пайызынын белглениши шайлоо өткөрүүгө ылайктуу болгону менен, участкалардын 10 пайызында адамдардын ашыкча жык чогулгандыгы кабарланган, бул негизинен шайлоо участогунун ичиндеги мейкиндиктин аздыгынан келип чыккан. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 40 пайызына жакыны ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн жеткиликсиз болуп, 20 пайызынын белгилениши бул шайлоочуларга ылайыкталган эмес болгон.

Байкоого алынган шайлоо участкаларынын көбүндө уруксаты жок инсандар болгону айтылып (милиция менен жергиликтүү бийлик өкүлдөрү - 22 жана 5 пайыз, тиешелүү түрдө), ШБЭМдин байкоочулары учурлардын 3 пайызында УШК мүчөлөрүнөн башка адамдардын кийлигишүүсү тууралуу кабарлашкан. Талапкерлердин байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 98 пайызында болгондуктан, жалпысынан шайлоонун ачык-айкындуулугу камсыз кылынды. Байкоо жүргүзүлгөн участкалардагы байкоочулардын басымдуу көпчүлүгү "Ата-Журт Кыргызстан" жана "Ишеним" партияларынан болушкан, 61 жана 52 пайыз, тиешелүү түрдө. Коомдук байкоочулар байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 42 пайызында

---

109 Жаңы жобо 5-сентябрда кабыл алынган, бирок *Клооп Медианын* маалыматы боюнча, октябрда гана жарыяланган. *Клооп Медиа* буга чейин ММК катары аккредитациядан өткөн. Белгилей кетсек, *Клооп Медиа* өзүнүн туунду уюму *Кумар Медиа* аркылуу байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыздай алган.

110 Бүгүнкү күндө байкоо жүргүзүү үчүн БШКдан 7 коомдук байкоочулар тобу расмий каттоодон өттү/

болушкан. Бирок, ШБЭМдин байкоочулары шайлоо участкаларынын 2 пайызында чектөөсүз байкоо жүргүзө албай, ал эми 4 пайызында жол-жоболордун сакталышын так көрө алган эмес.

ШБЭМдин байкоочулары, кабинкалардын түзүлүшүнөн жана жайгаштырылышынан улам, добуш берүүнүн купуялуулугу бузулганын (39 пайыз) жана шайлоочулар шайлоо бюллетендерине белги койгондон кийин (23 пайыз) аларды жашырбагандыгын билдиришти. Алар, ошондой эле, айрым ири мыйзам бузуулар, анын ичинде топтук добуш берүү (6 пайыз), шайлоочуларга добуш берүү үчүн талапкерди тандоодо таасир этүү аракеттери (2 пайыз) орун алганын кабарлашты. ШБЭМдин байкоочулары добуштарды сатып алуу фактыларынын бир нече учурлары тууралуу дагы билдирүү жасашкан.

БШК шайлоо күнү келип түшкөн 45 арыз боюнча маалымат жарыялады. Болжолдуу мыйзам бузуулар негизинен процедуралардын сакталбашына, бюллетень сканерлеринин иштебей калышына жана шайлоо күнү үгүттөөгө байланыштуу болгон. Башка даттануулар шайлоонун жымжырттыгын бузган үгүт иш-аракеттери, шайлоочуларды ташып келүү жана добуштарды сатып алуунун төрт фактысы боюнча болгон. БШКнын билдирүүсүнө жараша, шайлоодогу мыйзам бузуулар боюнча арыздар БШКнын Ыкчам чара көрүү тобу аркылуу укук коргоо органдарына текшерүү үчүн жиберилген.

Шайлоочуларды идентификациялоо жабдуулары жалпысынан жакшы иштеген, байкоо жүргүзүлгөн дээрлик бардык шайлоо участкаларында идентификациялоо процедуралары сакталган. Байкоолордун 9 пайызында бир же бир нече шайлоочу, алардын аты-жөнү тиешелүү шайлоо участкасынын шайлоочулардын тизмесинде жок болгондугунан, добуш берүүдөн четтетилген. Байкоого алынган шайлоо участкаларынын 6 пайызында бюллетендер үчүн сканерлер такыр иштеген эмес же аларды иштебей калгандыгы үчүн алмаштырууга туура келген.

Добуштарды саноо байкоо жүргүзүлгөн участкалардын жарымынан көбүндө (48 билдирме) терс бааланышы тынчсызданууну жаратат. Көптөгөн УШКлар пайдаланылбаган шайлоо бюллетендерин жок кылуу (22 билдирме), шайлоочулардын тизмесиндеги колдордун санын эсептөө (30 билдирме) же бюллетень сканеринин көрсөткүчүнүн негизинде алдын ала добуш берүүнүн жыйынтыктарын жарыялоо жана тиешелүү актыга кол коюу (44 билдирме) сыяктуу негизги текшерүү процедураларын аткара алышкан жок.

Кол менен эсептөө процедуралары көп учурда сакталган жок; байкоолордун жарымынан көбүндө (63 билдирме) шайлоо бюллетендери бирден саналган эмес, ар бир бюллетендеги тандоо жарыяланып, катышуучулардын баарына көрсөтүлгөн, ал эми байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын басымдуу көпчүлүгүндө (84 билдирме) талаштуу бюллетендердин жарактуулугу боюнча чечим добушка салынып чыгарылган эмес. Байкалган эсептөөлөрдүн үчтөн биринде УШКлар жыйынтыктар протоколдорун, мыйзамда талап кылынгандай, добуштарды кол менен саноонун ордуна, бюллетень сканерлери көрсөткөн жыйынтыктардын негизинде толтурушкан. Байкоолордун жарымында жыйынтыктар протоколунун чоңойтулган көчүрмөсү коомчулукка жарыялоо үчүн илинген эмес жана эсептөөлөрдүн үчтөн биринен көбүндө ал протоколдун көчүрмөсү, аны алууга укуктуу тараптардын өтүнүчүнө карабай, алардын баарына берилген эмес. БШКнын алдын ала маалыматына жараша, жараксыз деп табылган бюллетендердин саны болжол менен 10 пайызды түздү, бул тынчсызданууну жаратат.

Байкоолордун жарымынан көбүндө (68 билдирме), көпчүлүк учурларда милиция кызматкерлери болгон, уруксаты жок адамдар байкалып, эсептөөгө УШКнын мүчөсү болбогон 11 адам кийлигишкен. Талапкерлердин байкоочулары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынан үчөөнөн башкасынын бардыгында, ал эми БМОлордун талапкерлеринин байкоочулары төрттөн үч бөлүгүндө катышты (86 билдирме). Коомдук байкоочулар байкоо жүргүзүлгөн участкалардын үчтөн биринде гана катышкан. Жогоруда айтылгандардын баарына карабастан, ШБЭМдин

байкоочулары байкоого алган шайлоо участкаларынын дээрлик жарымында процессти ачык деп баалашты (66 билдирме). ШБЭМ, көптөгөн учурларда начар уюштурулган жана башаламан деп мүнөздөлгөн, жыйынтыктарды чыгаруунун баштапкы этаптарына терс баа берди. Буга, ШБЭМдин байкоочулары байкоо жүргүзгөн УШКлардын жарымында кабарланган, шарттардын начарлыгы жана адамдардын ашыкча көп чогулгандыгы себеп болушу мүмкүн. ШБЭМдин байкоочулары ошондой эле байкоого алынган УШКлардын үчтөн бирине добуштарды кайра санап чыгуу тапшырылгандыгын, ал эми 13 УШКда УШКнын мүчөлөрү жыйынтыктардын протоколдорун оңдоого туура келгендигин белгилешти. Байкоо жүргүзүлгөн УШКлардын жарымында байкоочулар процедуралардын жүрүшүн так көрө албаганын билдиришкен. Бул Билдирүү жазылып жаткан учурда добуштарды саноо аягына чыга элек болгон.

***Бул отчеттун англис тилиндеги түп нускасы гана расмий документ болуп саналат. Отчеттун кыргыз жана орус тилдерине расмий эмес котормосу бар.***

## МИССИЯ ТУУРЛАУУ МААЛЫМАТ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫКТАР

Бишкек, 29-ноябрь, 2021-жыл – Бул алдын ала натыйжалар жана корутундулар бо.нча билдирүү ЕККУнун Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюросу (ДИАУБ), ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясы (ЕККУ ПА) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын (ЕКПА) биргелешкен аракеттин натыйжасы болуп саналат. Бул баалоо өткөрүлгөн шайлоо ЕККУнун жана башка эл аралык милдеттенмелерге, демократиялык шайлоолорду өткөрүү боюнча стандарттар жана улуттук мыйзамдарга жооп бергендигин аныктоо үчүн жасалган.

Питер Жуэль-Йенсен ЕККУнун учурдагы төрагасы тарабынан атайын координатор жана ЕККУнун кыска мөөнөттүү байкоочулар миссиясынын жетекчиси болуп дайындалган. ЕККУ ПА делегациясын Фарахназ Карими айым, ал эми ЕКПА делегациясын Марина Берлингьери айым жетектеди. ДИАУБ ШБМнын башчысынын кызматын 19-октябрдан тарта элчи Дам Одри Гловер ээлейт.

Шайлоого Байкоо жүргүзүү боюнча бул Эл аралык Миссияга (ШБЭМ) катышкан институттардын ар бири 2005-жылдагы Эл аралык шайлоолорго байкоо жүргүзүү принциптеринин Декларациясын жактырды. Бул алдын ала жыйынтыктар жана корутундулар боюнча билдирүү шайлоо процесси аяктаганга чейин жасалат. Шайлоого акыркы баа берүү шайлоо процессинин аягына чыга элек этаптарын ишке ашырылышына, анын ичинде добуштарды саноого, жыйынтыктарды чыгарып, жарыялоого жана ошондой эле шайлоо күнүнөн кийин түшүшү мүмкүн болгон арыздар менен даттанууларды кароодон көз каранды болот. ДИАУБ толук жыйынтыктоочу отчетун, анын ичинде потенциалдуу жакшыртуулар боюнча сунуштарды шайлоо процесси аяктаганынан сегиз жума өткөндөн кийин чыгарат. ЕККУ ПА отчету менен кийинки отурумунда, ал эми ЕКПА өз отчету менен 2022-жылдын январындагы отурумунда тааныштырат.

ДИАУБ ШБМнын курамына борбор шаардагы 13 адис жана өлкө боюнча таралган 26 узак мөөнөттүү байкоочулар кирет. Шайлоо күнү 41 өлкөдөн 351 байкоочу, алардын ичинде ДИАУБнун 26 узак жана кыска мөөнөтүү байкоочулары жана ошондой эле ЕККУ ПА делегациясынын 55 мүчөсү жана ЕКПА делегациясынын 13 мүчөсү жайгаштырылган. Шайлоонун ачылышына байкоо 139 шайлоо участогунда, ал эми добуш берүүгө байкоо 1226 шайлоо участогунда жүргүзүлгөн. Добуштарды саноо 123 шайлоо участогунда, ал эми жыйынтыктарды чыгаруу 31 АШКда байкоого алынган.

Байкоочулар, шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыргандыгы үчүн өкмөткө, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясына жана Тышкы Иштер Министрлигине ыраазычылыгын билдиргиси келет. Алар ошондой эле кызматташтык үчүн ыраазычылыгын башка мамлекеттик институттарга, саясий партияларга, жарандык коом уюмдарына жана эл аралык коомчулуктун өкүлдөрүнө билдиришет.

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөндө көрсөтүлгөн даректер боюнча кайрылыңыз:

- Элчи Дам Одри Гловер, ДИАУБ ШБМнын Бишкектеги жетекчиси (+996 755 855 012);
- Катя Андруш, ДИАУБнун пресс-катчысы (+48 609 522 266) же Каха Инаишвили, ДИАУБнун Варшавадагы шайлоо боюнча кеңешчиси (+48 691 060 501);
- Андреас Бейкер, ЕККУ ПАнын шайлоо боюнча директору (+45 601 08 126) же Нэт Перри, ЕККУ ПАнын коммуникациялар боюнча директору (+45 601 08 177);
- Иви-Трийн Одрац, ЕКПА делегациясынын катчысы (+996 999 80 58 07, +33 607 06 77 73)

ДИАУБ ШБМдын даректик маалыматы**:**
Кыргызстан, Бишкек ш. 720011,
Абдрахманов көч., 191
Хаятт Риженси, 2-кабат
Тел:+996 312 669 373
Электрондук почта: office@odihr.kg
Вебсайт: www.osce.org/odihr/elections/kyrgyzstan/501373